**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**

**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**№57-КЕСИПТИК ЛИЦЕЙИ**

**715100.Баткен ш. М.Салихов коч. 12**

**Тел:(03622) 6-02-03**

**МИНИСТЕРТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ**

**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**ПРОФЕССИОНАЛЬНЫЙ ЛИЦЕЙ №57**

**715100.г.Баткен ул М.Салихова 12**

**Тел:(03622) 6-02-03**

Чыг. № ____ « __» ___________ 2022-ж.

**Баткен шаарындагы № 57-Кесиптик лицейи**

(билим берүү уюмунун толук аталышы)

№1-Пед.советтин чечими

15.01.2022-жыл.

# Башталгыч кесиптик билим берүү программасы боюнча өзүн-өзү баалоонун отчету

# Жыгач уста- жыгаччылык жана паркет устаты “С1” категориясындагы автомобиль айдоочу кесиби

**Өзун-өзү баалоо боюнча комиссиянын курамы:**

7124 – 3-4- разряддагы жыгаччы,

7124 – 3-4- разряддагы паркетчи,

8322 – “С1” категориясындагы автоунаа айдоочу

1. Директор – Сайдиакматов Абдималик Турсунбаевич -– комиссия мүчөсүнүн төрагасы
2. ОӨУИБ дир.орун басары – Турсуматова Гүлпариз Эргешовна -– комиссия мүчөсү
3. ОТИБ дир.орун басары – Абдирашитова Бактыгүл Асановна -– комиссия мүчөсү
4. Ага устат-Ашуралиев Ахмадбек Джанибекович-– комиссия мүчөсү
5. Усулчу - Садыкова Махабат Сайталиевна-– комиссия мүчөсү
6. Камкордук кеңештин мүчөсү – Калилов Мунарбек Ысламбекович– комиссия мүчөсү
7. Чарба башчы – Турдубаев Жакып-– комиссия мүчөсү
8. Абдуллаев Тынчтыкбек Ураимжанович – иш берүүчү жеке ишкер “Жакшылык” мебель цехинни жеткчиси- комиссия мүчөсү
9. Усенова Айсулуу Абдибаповна өндүрүштүк окуунун устаты - комиссия мүчөсү

15.03.2022-жыл .№73-Комиссиянын курамы жөнүндө буйрук

**Кыскартуулар**

**КББА** – Кесиптик билим берүү агенттиги

**КТББ** – Кесиптик – техникалык билим берүү

**КЛ** - Кесиптик лицей

**КР** – Кыргыз Республикасы

**ОЖ** – Окуу жай

**ОӨУИБ** – Окуу өндүрүштүк усулдук иштер боюнча

**ОП** - окуу программасы

**КК** - камкордук кенеш

**МБС** – маалымат башкаруу система

**РИМБ** – Республикалык илимий методикалык борбор

**КӨФ –** Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду

**Кириш сөз**

№57-Кесиптик лицейинин дареги:
Кыргыз Республикасы , Баткен облусу Баткен шаары М.Салихова көчөсү № 12

Индекс: 720100

Баткен шаарындагы №57-Кесиптик лицейи жаштарга жогорку квалификациялуу кесипти жана адистикти беруу максатында 1980-жылы №17-техникалык окуу жайы болуп ачылган. 1984-жылы окуу жайы №57-кесиптик-техникалык орто окуу жайы (СПТУ) болуп кайра тузулгон. Ошондон баштап окуу жайы толук эмес орто мектептин бутуруучулоруно кесип менен катар орто билим да бере баштады. 1994-жылдан 2000-жылга чейин кесиптик техникалык окуу жайы (ПТУ) болуп озгортулуп, орто билим берилбей калган.

2000-жылы окуу жайыбыз №57-Кесиптик Лицейи деп аталып, кайрадан 9-классты бутуруучулор учун кесип менен катар орто билим беруу укугуна ээ болду.

2000-жылы окуу жайы №57- Кесиптик Лицей статусун алып, кесиптик билим берүү менен кошо орто билим да бериле баштаган.

1. Сайдиакматов Абдималик Турсунбаевич - Кесиптик лицейинин директору.
Телефону: 0776 282 147
2. Турсуматова Гүлпариз Эргешовна – Окуу, өндүрүштук усулдук иштер
боюнча директордун орун басары. Телефону: 0773 491 382
3. Абдирашитова Бактыгул Асановна -Окуу , тарбия иштери боюнча директордун
Орунбасары.Телефону: 0779 124 482
4. Ашуралиев Ахмадбек Джанибекович – Ага устат.
Телефону: 0777 410 729
5. Садыкова Махабат Сайталиевна – усулчу.
Телефону: 0779 541 299
6. Турдубаев Жакыпжан Аззамжанович -ЧББ
Телефону : 0777 182 006

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү мыйзамынын» 40 статьясында көрсөтүлгөн окуу жайларын коз карандысыз аккредитациядан откоруу талабын ишке ашыруу максатында № 57- Кесиптик лицей Жыгач уста – жыгаччылык жана паркет устаты “C1” категориясындагы автоунаа айдоочу (окуу мөөнөтү 3 жыл) кесибин программалык аккредитациядан өтүүнү пландаштырган. Жогорудагы корсотулгон максатты ишке ашыруу учун лицейдин директорунун № 76- буйругунун (15.05.2022) негизинде окуу жайдын ишмердуулугун оз ара баалоо учун комиссия курамы түзүлгөн:

Жогорудагы аталган кесип боюнча окутуу үчүн лицензия алынган .

**№57- Кесиптик лицейинин тарыхы жана өнүгүшү боюнча кыскача маалымат**

Баткен шаарындагы №57-Кесиптик лицейи жаштарга жогорку квалификациялуу кесипти жана адистикти беруу максатында 1980-жылы №17-техникалык окуу жайы болуп ачылган. 1980-жылы Кенеш Абдуллаев директор болуп , жетектеп турган. 1984-жылы окуу жайы №57-кесиптик-техникалык орто окуу жайы (СПТУ) болуп кайра тузулгон. Ошондон баштап окуу жайы толук эмес орто мектептин бутуруучулоруно кесип менен катар орто билим да бере баштады. 1984-жылдан 1995-жылга чейин Эргешов Акын жетектеген. 1995-жылдан 1999-жылга чейин кесиптик техникалык окуу жайы (ПТУ) болуп озгортулуп, орто билим берилбей калган. 1995-жылдан 1999-жылга чейин Ходжаев Арстан директор болгон.

2000-жылы окуу жайыбыз №57-Кесиптик Лицейи деп аталып, кайрадан 9-классты бутуруучулор учун кесип менен катар орто билим беруу укугуна ээ болду. 2000-жылдан 2004-жылга чейин Имарбеков Элчибек жетектеген. 2004-жылдын август айынан баштап Раимкулов Аширбай директор болуп эмгектенген. 2013-жылдан бери Сайдиакматов Абдималик Турсунбаевич жетектеп директор болуп эмгектенип келүүдө.

Окуу жайы ачылгандан бери жыгач уста, кыш кыноочу, айылдык курулуштун устаты, тигуу жабдууларынын оператору, бухгалтер, электромонтер, электр козомолдоочу, ветеринар, радиотехник, автомобиль айдоочу жана ондоочу, ашпозчу, кондитер, жеке компьютердин оператору элкетрширетуучу сыяктуу эл чарбасына эн зарыл адистиктеги 10 минден ашуун жогорку квалификациялуу кадрларды даярдап чыгардык.

Азыркы базар экономикасынын шарттарына жараша заманбап, онугуудон артта калбоо учун тынымсыз мониторинг жургузулуп, озубуздун аймакка зарыл болгон адистерди даярдоонун устундо иш алып баруудабыз. Ал учун жаны заманбап жабдуулар, устаканалар, кабинеттер менен окуу жайы камсыз болуп, аларды уйротуу учун устаттар менен мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу иштери да жакшы жолго коюлган. Окутуунун алдынкы инновациялык усулдары, интерактивдик, модулдук усулдары кенири жайылтылып окуучулардын билим, кесип жана тарбия алуусу учун жакшы шарттар тузулду.

**Окуу жай төмөнкү кесиптерге адистиктерди даярдайт:**

**3 жылдык окуу мөөнөтү менен:**

- Жыгач уста иштеринин устаты, $C_1$ категориясындагы автомобиль айдоочу
- Тигүү жабдууларынын оператору, тигүүчү.

**10 айлык окуу мөөнөтү менен:**

- Ашпозчу-эсепчи
- Тигүү жабдууларынын оператору, тигүүчү
- Автомобиль оңдоочу слесарь, жана «$C_1$» категориясындагы автомобиль айдоочу.

**Кыска мөөнөттүү кесиптерге төмөнкү адистиктерди даярдайт:**

-Электр ширетүүчү( окуу мөөнөтү 3 ай)
-Ашпозчу (окуу мөөнөтү 3 ай)
-«В жана С» категориясындагы автомобиль айдоочу (окуу мөөнөтү 3,5 ай)
«В» категориясындагы автомобиль айдоочу (окуу мөөнөтү 2 ай)
-Жеке компьютердин оператору ( окуумөөнөтү 2 ай)
-Тигүүчү (окуу мөөнөтү 3 ай)
-Өсүмдүк өстүрүүчү (окуу мөөнөтү 3 ай)
-Кенже ветеринардык фельдшер 3 айлык мөөнөт менен кесиптери окутулат.
Лицей томонку ишканаларда өндүрүштүк практика өткөрөт.

1. “Жакшылык” мебель цехи
2. Жеке ишкер “Мунарбек “ жыгач иштетүүчү цехи

3. “Каусар” кафеси
4. “Самсаэт”тез татым ашканасы
5. Кызыл-жол кварталынын дыйкан чарбасы
6. Суу-башы айыл өкмөтү

Лицей акыркы 5 жыл ичинде 40 мугалим-устатты долбоорлордун негизинде оз билимин оркундотуу жана тажрыйба алмашуу боюнча курстарга,семинар-тренингдерге жонотту
1.Бишкек - 6
2.Ош -10
3. Кызыл-Кыя-12
4. Баткен-12

Ондуруштук практиканын жолго коюлушу жана мугалим-устаттардын билим денгээлин оркундотуунун натыйжасында окуучулардын кесиптик-билим сапатынын пайызы жогорулады.Мындан тышкары лицейде компьютердик сабаттуулукту камсыздоо жана инновациялык методдордо сабактарды отуунун жолдору боюнча жылына 3-4 жолу курстар уюшулуп,окутуулар жургузулуп турду.

2020-жылы “Лейлек инсан “ коомдук фондунун колдоосу менен,ото №1 окуу корпусунун 2-кабатындагы класс капиталдык ондоп-тузоодон откорулду жана заманбап доска ноутбук, поектор коюлду.
Ашпозчулар цехине МЭРСИКО уюму тарабынан колдоо корсотулуп 120 литр аристон коюлуп, ысык суу киргизилди . Окуу-практикасын откоруу учун зарыл болгон бардык жабдуулар жана шаймандар менен жабдылды.
Жатаканага окуучулар учун жуунуучу душ жана ракавиналар коюлду.
Андан сырткары 2021-жылы Бириккен улуттар уюмунун “Азык-тулук долбоору тарабынан лицейдин №2-корпусунун окуу кааналарына жана кабинеттерге автономдук бирдиктуу комур менен жылытуу учун жылытуу системаларын (отопление) орнотулду..Азыркы учурда жылытуу системасын иштетуу учун отказанды куруу пландаштырылууда.

*1-тиркеме. Каттоо күбөлүгү.*
*2-тиркеме. Өзүн-өзү баалоо комиссиясы түзүлгөндүгү жөнүндөгү буйрук*
*3-тиркеме. Лицензиялардын көчүрмөлөрү.*
*4-тиркеме. Окуу жайдын аккредитациядан өткөндүгү жөнүндөгү күбөлүк*
*5-тиркеме. Сыйлыктардын көчүрмөлөрү.*

## БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛООНУН СТАНДАРТТАРЫ ЖАНА КРИТЕРИЙЛЕРИ

**1-стандарт.** Билим берүү уюмунун көрө билгичтиги, миссиясы, стратегиясы.

Билим берүү уюмунун алдын-ала көрүүсү, миссиясы, стратегиясы жана пландары кызыккан тараптардын белгилүү бир кызыкчылыктарын, керектөөлөрүн жана күтүүлөрүн, ошондой эле өлкөбүздүн билим берүү багытындагы жана туруктуу өнүгүүсүндөгү каалоосун, максатын чагылдырат.

**1-стандартка карата критерийлер:**

1. Билим берүү уюму алдын-ала көрүүгө, миссияга, стратегияга ээ, алар кызыккан тараптардын керектөөлөрүн жана күтүүлөрүн талдоонун негизинде иштелип чыгып, макулдашылган жана өлкөнү туруктуу өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу жактарына ылайык келет.

№ 57 кесиптик лицейи өзүнүн иштелип чыккан миссиясына ылайык (2018-жылдын 10-ноябрында педагогикалык кеңешинин № 1-протоколунун негизинде жана камкорчулар кеңешинин сунушу менен окуу жайдын миссиясы кабыл алынган).

**<u>Окуу жайдын миссиясы:</u>**

❖ Билим берүү чөйрөсүндө мамлекттик саясатты социалдык-экономикалык өсүштөгү чөйрөгө туруштук берүүчү жөндөмдүү кадырларды даярдоону калыптандыруу жана ишке ашыруу.

❖ Жушушчу кадырларды патриоттук жана жакшы сапаттарга тарбиялоо,алардын өз алдынча эмгектенүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн жетиштүү болгон кесиптик компетенцияларга ээ кылуу;

❖ Жаш кесипкөй кадырларды даярдоонун сапатын жогорулатуу жана жаштарды кесипке даярдоо үчүн жаңы технологияларды колдонуу.

Ал эми ОЖ стратегиялык планы 2018-2022-жылга карата 2018-жылдын 29-августунда окуу жайдын педагогикалык кеңешинин № 1-протоколу менен каралып, камкорчулар кеңешинин отурумунда сунушталган жана директор тарабынан бекитилген**.** Бул план КР өндүрүштүн 2019-2023-ж.ж. туруктуу өнүктүрүү стратегиясын, КР 2026- жылга чейинки Улуттук туруктуу өнүктүрүү программасын, 2022- жылга чейинки КР илим жана билим берүү министрлигинин иш планынын негизинде иштелип чыгып, түзүлгөн жана ар бир жылы аткарылган иштерге карата мониторинг жүргүзүлөт.Ар жылкы лицейдин иш планы кызыккан тараптардын керектөөлөрүн жана күтүүлөрүн талдоонун негизинде отрумдардын чечимдери менен түзулөт. Алсак, акыркы 5 жылдын мониторинги стратегиялык пландын 60% ы ишке ишканын көрсөтөт.

Тиркеме 1.1 Камкорчулар кеңеши тарабынан жактырылган жана сунушталган Стартегиялык план.

Тиркеме 1.2. Түзүмдөрдүн жылдык планы.

Тиркеме 1.3. Лицейдин жылдык планы.

Тиркеме 1.4. Протоколдор

2. Билим берүү уюму алдын-ала көрүүнү, миссияны, стратегияны түзүүнүн жана дайыма кайра карап туруунун механизмдерине жана кызыккан тараптардын катышуусу менен аларды ишке ашыруунун мониторингине ээ болуп саналат.

Кесиптик лицей ар жылы июнь айындагы Педагигикалык кеңешмеде Стратегиялык жана учурдагы пландардын аткарылышы боюнча окутуучу курамга жана кызыкдар тараптарга жылдык отчетун берип турат.

Ар бир түзүмдүн ишин туура, ачык-айкын баалоо максатында камкорчулар кеңеши менен мониторинг жүргүзүү боюнча Жобо иштелип чыккан. Жылдык Педагогикалык кеңешмеге окуучулардын Парламентинин жана камкорчулар кеңешинин өкулдөрү катышат.

Алсак, Жыгач уста- жыгаччылык жана паркет устаты “С1” категориясындагы автомобиль айдоочу тайпасынын иш берүүчүлөрү менен жумушчу иш планды карап чыгуу максатында өткөрүлгөн тегерек столдо эмерек өндүрүшү жөнүндө окуучулардын алган билими жетишсиз болгондугу аныкталып, жаңы окуу жылына карата ОЖ жылдык иш планына өзгөртүүлөр киргизилгени турат. Муну практика өтөгөн окуучулар менен 2022- жылдын 22- апрелинде жүргүзүлгөн сурамжылоо да тастыктаган.

Тиркеме 1.5. Стартегиялык пландын аткарылышы боюнча 5 жылдык отчет.

Тиркеме 1.6. Окуучулар арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун анализи.

Тиркеме 1.7. Иш берүүчүлөр менен өткөн тегерек столдун протоколу.

3. Билим берүү уюму миссия, стратегия жана аларды түзүү менен ишке ашыруу процесстери тууралуу кызыккан тараптарга маалымат берип турууну камсыз кылат.

Окуу жай өзүнүн миссиясын окуу жайдын кире беришине илген, муну келген кызыкдар тараптардын бардыгы окуй алат. Окуу жайдын миссиясы, стратегиясы, максаттары жана милдеттери алгачкы таанышуу ачык эшик күндөрүндө, профориентацияларда маалымат берилет. Окуу жайга кирүүдө абитуриенттер жана алардын ата-энелери окуу жайдын миссиясы, стратегиясы жана максаттары менен түздөн-түз кабыл алуу комиссиясынын маектешүүсүндө таанышууга мүмкүнчүлүк алышат. Ошондой эле оз сайтына да жайгаштырган. http://allkesip.kg/pl57/

Кесиптик лицейдин инстаграм жана фейсбук баракчаларында күнүмдүк жаңылыктар жана миссиянын ишке ашырылышы жөнүндө маалымат ала алышат. Окуу жайдын алдын ала көрө билүүсү жана стратегиясынын ишке ашып жаткандыгы боюнча Баткен радиосуна жана “Өрүк зар” гезитине байма-бай жарыялап турат.

https://www.instagram.com/57kesiptik/

http://allkesip.kg/pl57/

4. Билим берүү уюму мамлекеттик органдар жана башка иш берүүчүлөр менен ишке орноштуруу мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү боюнча кызматташуу багытындагы конкреттүү стратегияга ээ; жана билим берүү уюмун бүтүрүүчүлөрдүн профилдери эмгек базарындагы ачыкталган керектөөлөргө туура келет.

57- кесиптик лицейи **Жыгач уста- жыгаччылык жана паркет устаты “С1” категориясындагы автомобиль айдоочу кесиби** боюнча түзүлгөн жумушчу иш планын бүтүрүүчүлөрдүн профилдери эмгек базарындагы ачыкталган керектөөлөргө туура келүүсүн аныктоо максатында Республикалык илимий-усулдук борбор тарабынан 3 жылга иштелип чыккан типтүү окуу планынын негизинде иштелген Окуу планы иш берүүчүлөр менен макулдашылып окутулат.

ОЖ мамлекеттик орган болгон Баткен шаардык мэриясы жана Эмерек өндүрүшүн аркалаган иш берүүчүлөр менен ишке орноштуруу мүмкүнчүлүктөрүн колго алып ар жылы 1 жолу отурум уюштурат. Жыгач өндүрүшү Баткен шаарында

жакшы өнүгүп жаткандыктан, жыгач усталар жетишпейт. Себеби, көпчүлүк окуучулар мигрант болуп башка шаарларга кетишет. Ошондуктан, бул жааттагы жумуш орундар бош. Окуучуларды практика учурунда жана окууну аяктаганда ишке орноштуруу жакшы жүрөт.

Алсак, туруктуу иш берүүчүлөр болуп :

Абдуллаев Т.У. “Жакшылык” эмерек цехинин жетекчиси;

Калилов М.Ы. ОсОО “Өндүрүш” эсептелет.

Тиркеме 1.8 Иш берүүчүлөр менен макулдашылган окуу планы

Тиркеме 1.9 Ишке орноштуруу келишимдери.

5. Билим берүү уюмунун стратегиялык планы ички, сырткы абалдарды жана коюлган максаттардын туура келбестиги тууралуу иш жүзүндөгү маалыматтарды жана билим берүү уюмунун реалдуу жыйынтыктарын талдоонун негизинде ишмердикти (жыйынтыктарды) жакшыртуу үчүн багыттарды аныктайт.

Ар жылы окуу жай жылдык пландардын жана стратегиялык пландын аткарылышы боюнча жүргүзүлгөн мониторингдин ата-энелердин, иш берүүчүлөрдүн отурумдардагы ойлорун эске алуу менен ишмердикти жакшыртуу боюнча реалдуу кадамдарды аныктайт. Алсак, 2018-жылы Жыгач усталардын устаканасынын эскиргенине байланыштуу проект жазылып, анын негизинде АБРдин 1-долбоору менен устакана жаңыртылган. Учурда Жыгач уста- жыгаччылык жана паркет устаты “С1” категориясындагы автомобиль айдоочу кесиби боюнча окуучуларга сапаттуу кесиптик билим берүү максатында лицейде 2 устакана жабдылган жана көп жылдык тажырыйбасы бар устат, мугалимдер сабак берет. 2022-2023- окуу жылына карата Жыгач өндүрүшүнө 1 модуль катары иш берүүчүнүн сунушу менен эмерек өндүрүшү да киргизилгени турат.

Тиркеме 1.7 иш берүүчүлөр менен өткөрүлгөн тегерек столдун протоколу.

Тиркеме 1.10 http://allkesip.kg/pl57/ АБР проектиси менен жабдылган жыгач уста устакансынын сүрөттөрү.

*Стандарттын күчтүү жактары:*

*1. Окуу жай ар жылы стартегиялык жана утурумдук пландарынын аткарылышына мониторинг жүргүзөт.*

*2. Жыгач өндүрүшү боюнча туруктуу иш берүүчүлөрү бар.*

*3. Иш берүүчүлөр окуу пландын мазмунун жакшыртууга кызыкдар.*

*Алсыз жактары:*

*1. Иш берүүчүлөр окуучуларга айлык маяна төлөбөйт.*

*2. Шаардын чет жакасынан келген окуучуларды иш менен камсыз кылуу оор. Айыл жергесинде өндүрүштүн жоктугу.*

**2-стандарт. Билим берүү программаларынын сапатын камсыз кылуу саясаты (максаттар, өнүктүрүү стратегиясы) жана процедуралары (жол-жоболору)**

Билим берүү уюму (ЖОЖ, факультет, кафедра) бекитилген саясатка жана сапатты камсыз кылуунун макулдашылган процедурасына, ошондой эле ишке ашырылып жаткан программалардын жана ыйгарылуучу квалификациялардын сапатын баалоо үчүн стандарттарга ээ болуп саналат. Сапатты камсыз кылуунун саясаты, стратегиясы жана процедурасы ырасмий түрдө бекитилген жана коомчулукка жеткиликтүү болгон.

**2-стандартка карата критерийлер:**

1. Билим берүү уюму эрежелердин жана процедуралардын жеткиликтүү, ачык жана макулдашылган жыйнагына ээ, алар персоналдарга жана башка кызыккан

тараптарга билим берүү уюмунун ишмердигиндеги негизги аспектилеринде ишке ашырылуучу макулдашылган принциптер, стандарттар жана процесстер тууралуу жакшы маалымат берип турат.

Окуу жайдын Уставы метод канаада ачык жерде турат. Ал эми ички Жоболор Педагогикалык кеңешменин чечими менен жана камкорчулар , профсоз тарабынан сунушталып бекитилет.

Кесиптерге байланыштуу мамалекеттик стандарттар иштелип чыгардын астында иш берүүчүлөрдүн сунушу эске алынат. Жыгач устачылык боюнча мамлекеттик стандарт иштелип чыгуу астында турат, бирок, проф.стандарт иштелген. Окуучуларга алардын кесиби жана ала турган квалификация тууралуу маалыматтар ата-энелер менен өткөрүлгөн сентябрь айындагы чогулушта айтылат жана маалыматтардын жеткиликтүүлүгүн камсыздайт.

Тиркеме 2.1 №1 ата-энелер чогулушунун протоколу;

2. Билим берүү уюму кызыккан тараптар менен биргеликте сапатты дайыма жогорулатып туруу боюнча стратегияны иштеп чыгат жана ишке киргизет.

Камкорчулар кеңешинин сунушу менен жана педагогикалык кеңештин чечими менен иштелген Сапат менеджментинин системасы деген Жобо жана лицейдин ички көзөмөл Жобосу иштелип чыгып, саптка көңүл бурулуп турат. Мындан тышкары лицейде жылына 1 жолу окуучулардын. Ата-энелерден сурамжылоо алынат.

Тиркеме 2.2 ата-энелерден алынган сапатты көтөрүү боюнча сурамжылоонун анализи.

Тиркеме 2.3 сапатты көтөрүү боюнча окуучулардан алынган сурамжылоонун анализи.

Тиркеме 2.4 сапат менеджментинин системасы Жобосу

Тиркеме 2.5 Лицейде ички көзөмөл Жобосу

3. Билим берүү уюму сапаттын натыйжалуу ички системасы үчүн инфратүзүмгө ээ (тиешелүү түзүмгө, жооптуу адамдарга ж.б.).

Лицей ичиндеги билим берүүнүн жана инфраструктуранын өнүгүшүнүн сапатын ар дайым жакшыртуу максатында атайын кызыкдар тараптар менен иштелип чыккан жоболордун негизинде иш алып барат.

Директор – Сейдиакматов А.Т. жалпы лицейдин өнүгүшүнө жооптуу;

Окуу- өндүрүшү боюнча директордун орун басары – Турусматова Гулпариз Эргешовна, окуучулардын сабакка жетишүүсү, алардын өндүрүштүк окутуунун сапатына жана жалпы материалдык-техникалык базанын сакталышына жооптуу;

Окуу – тарбия боюнча директордун орун басары Абдирашитова Бактыгуль Асановна, – окуучулардын сабакка катышуусуна, жатакана, ашкана жана тарбияга жооптуу;

Улук устат – Ашуралиев Акмадбек Джаныбекович, лицейде өндүрүштүк окутуу жана

өндүрүштө окуучуларды практикага орнотуу иш менен камсыз кылуу, бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болушу тууралуу маалымат алуу, мониторинг жүргүзүүгө о.э. устаканалардын, техниканын оң болушуна жооптуу.

Усулчу – Садыкова Махабат, кесиптик билим берүү боюнча сапатты мониторингге алат. Саптты көтөрү боюнча иш-чараларды жүргүзөт.

Жыгач уста кесибинин усттары – Турсункулов Кубанычбек, Темиров Курсанали, Момунов Жоробек, Сафаров Абду, Раимкулов Аширбай, сабактын сапатына жооптуу.

Атайын технология сабагынын мугалими –Абдрайимова Данагуль, техника коопсуздугу, материал таанытуу боюнча жаңылыктарды изденет. Сабактын сапатына жооп берет.

Тиркеме 2.6 Ар бир түзүмгө байланыштуу кызматтык нускама.

4. Билим берүү уюму сапатка карата ички аудитти, өзүнө баа берүү боюнча иш-чараларды жана саясатка, ченемдерге, нускамаларга, өлкөбүздүн бекитилген сапат стандарттарына жана башка сырткы талаптарга дал келүүчү мониторингди дайыма өткөрүп турат.

Окуу жылынын аягында ар бир түзүм сапттын көтөрүлүшү боюнча Мониторинг жөнүндөгү Жобонун негизинде 1 жылдык отчет беришет.

Мындан тышкары РУБ ( республикалык усулдук борбор) жана башталгыч кесиптик билим берүү башкармалыгы ар дайым сырткы баалоо өткөрүп турат. Лицей “Жылдын эң мыкты лицейи” конкурсуна катышты. Окуу жайдын мамлекеттик стандарттарга дал келиши боюнча министрликтин Аудити жүргөн. Лицензиялык талаптардын аткарылышы боюнча лицензиялык контроль жүргөн.

Тиркеме 2.7 Түзүмдөрдүн отчеттору;

Тиркеме 2.8 Конкурстук талаптар

Тиркеме 2.9КР Ббжи министрлигинин текшерүү АКТысы.

Тиркеме 2.10 Лицензиялоо боюнча текшерүү АКТысы.

*Стандарттын күчтүү жактары:*

*1. Лицейдин ички жоболору ачык жерде кызыкдар тараптарга жеткиликтүу коюлган.*

*2. Жыгач өндүрүшү боюнча сапат жылдан-жылга өсүүдө.*

*3. Ички жана сырткы мониторинг жакшы жүрүп турат.*

*Алсыз жактары:*

*Сапатка байланыштуу сырткы текшерүүлөрдүн көптүгү.*

**3-стандарт. Программаларды жана ыйгарылуучу квалификацияларды бекитүү, мониторинг жүргүзүү жана мезгили менен баа берип туруу**

Билим берүү уюму билим берүүчү программаларды жана ыйгарылуучу квалификацияларды иштеп чыгуу, мезгили менен карап чыгуу, мониторинг жүргүзүү, баа берүү жана жакшыртуу боюнча механизмдерге ээ болуп саналат.

**3-стандартка карата критерий:**

**3.1 Окуу пландарын жана окуу дисциплиналары боюнча программаларды иштеп чыгуу жана мезгили менен кайра карап чыгуу, миссияга, билим берүүнүн максаттарына жана окутуунун жыйынтыктарына ылайык кызыккан тараптардын катышуусу менен жүргүзүлөт.**

**Жыгач уста- жыгаччылык жана паркет устаты "С1" категориясындагы автомобиль айдоочу кесиби** боюнча типтүү план РУБ тарабынан иштелип чыккан. Окутуу 9-класстын базасында жүргзүлгөндүктөн, интерацияланган прорамманын негизинде ишке ашат.

Билим берүү уюму кызыкдар тараптарды тартуу менен жана билим берүү программасын өркүндөтүү максатында билим берүү программасынын максаттарына жана натыйжаларына үзгүлтүксүз мониторингди, талдоолорду жана баа берүүнү жүргүзөт. Жыл сайын окуу пландары иш берүүчүлөрдүн катышуусу менен каралып, бекитилет.

Педагогикалык кеңештин (планга ылайык) жана методикалык кеңештин жыйналыштарында системалуу түрдө маселелер каралып, анын сапатын жогорулатуу максатына ылайык билим берүү программасын жакшыртууга багытталган иш-чаралар пландаштырылат.

**Жыгач уста- жыгаччылык жана паркет устаты "С1" категориясындагы автомобиль айдоочу кесибинин** Мамлекеттик билим берүү стандартынын миссиясына ылайык, билим берүү программаларынын максаттары жана күтүлгөн натыйжалары аныкталат. Билим берүү программаларынын максаттары жана натыйжалары кызыкдар тараптар менен талкуулоонун жыйынтыгында иштелип чыгып, педагогикалык кеңеште бекитилет.

**Жыгач уста- жыгаччылык жана паркет устаты "С1" категориясындагы автомобиль айдоочу адистиги боюнча билим берүү программасынын максаттары:**

1. Жумушчуларды, кенже адистерди жана ээлик кылуучу ишкерлерди даярдоо, кайрадан даярдоо жана адистигин жогорулатуу боюнча мамлекеттик жана жеке менчик ишканалардын керектөөсүн канаттандыруу.
2. Өндүрүштү жана өндүрүштүк мамилелерди өркүндөтүүгө чыгармачылык менен катышууга жөндөмдүү жумушчуларды жана адистерди табиялоо.
3. Баткен шаары жана область үчүн азыркы кездеги өндүрүштүн ,илимий-техникалык прогресстин талаптарына жана алардын өнүгүү перспективаларына жооп берүүчү, кесиптик чеберчиликке ээ болгон, бардык жагынан өсүп жетилген квалификациялуу жаш жумушчуларды жана ээлик кылуучу ишкерлерди даярдоо.
4. Окуучуларды эстетика жагынан жана чын денелүү кылып тарбиялоо.

**Билим берүү программасы боюнча окуу натыйжалары:**

1. Келечектеги кесибинин маңызын жана коомдук маанисин түшүнүү, ага туруктуу кызыгуу көрсөтүү.
2. Командада иштөө, кесиптештер, жетекчилик, керектөөчүлөр менен эффективдүү баарлашуу.
3. Команда мүчөлөрүнүн (баш ийгендердин) ишине, тапшырмаларды аткаруунун жыйынтыгына жоопкерчиликтүү мамиле кылуу.
4. Стандарттуу жана стандарттуу эмес кырдаалдарда чечим кабыл алуу жана алар

үчүн жоопкерчилик тартуу.


Тиркеме 3.1 ата-энелерден алынган сурамжылоо

Тиркеме 3.2 иш берүүчүлөрдүн катышуусу менен отурумдун протоколу.

**3.2 Билим берүү уюму билим берүү программаларын өнүктүрүү максатында жана кызыккан тараптардын катышуусу менен билим берүү программаларынын жыйынтыктарына дайыма мониторинг, талдоо жана баа берүү жүргүзүп турат.**

**Жыгач уста- жыгаччылык жана паркет устаты "С1" категориясындагы автомобиль айдоочу кесиби** 3 жылдык болгондугуна байланыштуу этаптуу аттестациясынын эрежелерине ылайык жыл этегинде кызыктар тараптар менен биргеликте билим берүү программаларынын жыйынтыктарына мониторинг жүргүзүлүп турат. Анын жыйынтыгы боюнча кызыктар тараптар менен биргеликте талкуулап, анын оң жана терс жактары боюнча билим берүү процессин уюштурууну жакшыртуу жактарына толуктоолор киргизилет.

**Жыгач уста- жыгаччылык жана паркет устаты "С1" категориясындагы автомобиль айдоочу** кесибинин 3-курсунун атайын предметинин 5 жылдык биринчи жана экинчи жарым жылдыгы боюнча предметтик салыштырма анализ мониторинги.




Окуу жайда 2017-2018- окуу жылында биринчи курстун атайын предметтеринин жылдыктарынын билим сапатынын көрсөткүчү жалпы 70% түзгөн, ал эми 2019-2020-о.ж. дистанттык окутуунун шартында көрсөткүч 53% ды көрсөтүп, ылдый түшкөн. Кайра 2020-2021- о.ж. динамикалык көрсөткүч 88% ды көрсөттү. Окуучулардын санын анализ кылганда, аталган кесипке жылда каалоочулардын саны көбөйгөнү көрүнөт.

Тиркеме 3.3 бүтүрүү экзамендерини протоколдору

Тиркеме 3.4 жарым жылдык жана жылдык мониторинг

**3.3 Билим берүү программаларын өнүктүрүү максатында кызыккан тараптардын күтүүлөрүнө, керектөөлөрүнө жана канааттангандыктарына мезгили менен баа берүүнү өткөрүү (жылына бир жолу).**

3Билим берүү программаларын өнүктүрүү максатында кызыккан тараптардын күтүүлөрүнө,

керектөөлөрүнө жана канааттангандыктарына мезгили менен баа берүүнү өткөрүү Мониторинг жөнүндөгү жобонун негизинде ишке ашат.
Окуу жайдын билим берүү программасына, окутуунун сапатына, материалдык техникалык базасынын жабдылышына жана алган билимине канаатануусу боюнча иш берүүчүлөрдөн анкета алуу менен иш жүргүзүлөт.
Бардык кызыкдар тараптардын канааттануусун мезгил-мезгили менен баалоонун натыйжаларын талкуулоо жана талдоо билим берүү процессин уюштурууну жакшыртуу үчүн колдонулат.
Кесиптик лицейдин студенттеринин 2020-2021-окуу жылында билим берүү кызматтарынын сапатына канааттануусун баалоо максатында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктарын талдоо алардын билим сапатына жалпысынан канааттангандыгын көрсөттү.

Тиркеме 3.5 сурамжылоонун анализдери.

**3.4 Билим берүү уюму билим берүү программаларына, алардын максаттарына жана окутуу жыйынтыктарына мезгили менен баа берүү жана жакшыртуу боюнча иш-чараларды өткөрүү үчүн процедураларга жана жооптуу кызматтарга (адамдарга) ээ болуп саналат.**

Окуу жайда билим берүу программаларын, алардын максаттарына , жыйынтыктарына баа берүү үчүн жоопту адамдар бекитилген. Атайын директор беркиткен кызматтык нускама иштелип чыккан. Кадр бөлүм башчы ар бирине тааныштырат.

Окуучулардын жүктөмүнө, жетишүүсүнө жана анын бүтүүсүнө окуу иштери боюнча директордун орун басары Турусматова Гулпариз Эргешовна жооптуу.
Ар бир кесипти окутууга жылдын башында РНМЦдан бекитилип келинген типүү окуу пландар 3 жыл жарактуу мөөнөтү менен, биринчи педагогикалык кенешмеде каралат. 2021-2022-окуу жылына иш пландарын даярдап алып, пед.кенешменин графиги түзүлдү. Жайында тарификация түзүлгөн болжолдуу турдө өзгөрүүлөр болгон жок. Анын негизинде жумушчу план иштелип чыгып, бекитилет. пландын негизинде календардык план иштетилет.
Сабактардын ирээттемеси ушул жумушчу пландын негизинде түзүлүп, лицейдин директору тарабынан бекитилет. № 57 КЛнин кезектуу педагогикалык кенешмесинин № 1 протоколунун негизинде 2021-2022 окуу жылына карата билим сапатын камсыздоо боюнча төмөнкү курамда комиссия түзүлгөн.
Ком.төрагасы: Сейдиакматов А.Т.
Мүчөлөрү: Окуу- өндүрүшү боюнча директордун орун басары – Турусматова Гулпариз Эргешовна;
Окуу – тарбия боюнча директордун орун басары Абдирашитова Бактыгуль Асановна;

Улук устат – Ашуралиев Акмадбек Джаныбекович;
Усулчу – Садыкова Махабат.
Тиркеме 3.6 жумушчу иш апландар
Тиркеме 3.7 билим сапатын камсыздоо боюнча буйрук

**3.5 Билим берүү чөйрөсү жана колдоо көрсөтүү кызматы МБСтын талаптарына, билим берүүнүн максаттарына жана окутуунун жыйынтыктарына дал келет.**

Окуу жайда маалыматты башкаруу системасы болуп ИСУО эсептелеп. 2017- жылдан

бери окуу жай өзүнүн окуучуларынын катышуу, жетишүүсү боюнча, материалдык-техникалык база жана кызматкерлер жөнүндөг маалыматты АПТОнун платформасы болгон ИСУга жайгаштырып келген. 2020- жылдан тарта маалыматтар министирликтин ИСУОсуна жайгашат.

Бул өз кезегинде мамлекеттик мтандартка дал келтирүү максатында түзүлгөн система жана сырткы баалоо болуп саналат.

Тиркеме 3.8 https://open.edu.gov.kg/index.php

**3.6 Билим берүү уюму билим берүү кызматтарына, билим берүүчү программаларды иштеп чыгууга, кайра кароого жана максаттары менен окутуунун жыйынтыктарына тиешелүү болгон чечимдерди кабыл алуу үчүн механизмдерге ээ болуп саналат.**

Окуу жай РУБ тарабынан рынок таабына багытталган кесиптерди анализдеп, түзүп берген типтүү окуу пландары менен иш алып барат. Ал программаларга стандартка ылайык 10% өзгөртүү киргизе алат. 2022-2023- окуу жылына карата иш берүүчүлөр менен жана окуучулар арасындагы сурамжылоонун негизиндеги анализден жыгач уста тайпасынын окуу программасына 10% өзгөртүү киргени турат.

Окуу жайда билим берүүдө төмөндөгүдөй натыйжаларды күтөбүз.

1. Окуу жана тарбиялоо процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу.
2. Эмгек рыногуна анализ жүргүзүп, бүтүрүүчүлөрүн талабын өнүктүрүү.
3. Окуучулардын алган билимдерин жана көндүмдөрүн практикада колдонууга жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу.
4. Өнөктөштөр менен байланышты өнүктүрүү менен имиджди котоуруу.
5. Окуу жайдын педагогикалык кызматкерлеринин потенциялын жогорулатуу.
6. Окуу жайга жаш кадрларды тартуу.
7. Ресурстарды колдонуу менен МТБ күчтөндүрүү.

Тиркеме 3.9 методбирикменин Жыгач уста-жыгаччылык боюнча окуу программасына өзгөртүү киргизүү боюнча протоколу.

**3.7 Мониторингдин жыйынтыктары жана мезгилдик баа берүүлөр кызыккан тараптар менен биргеликте талданат жана талкууланат, билим берүү уюмунун ишмердигин жакшыртуу үчүн пайдаланылат.**

Ар жылы алынган сурамжылоолор аркылуу мониторинг жүрүп турат. Жылдык педагогикалык кеңешмеге ата-энлер жана окуучулардын парламенти жана иш берүүчүлөр катышат. Жылдык пед.кеңешмеде билим берүу уюмунун ишмердигин жакшыртуу талданат.

Тиркеме 3.10 жылдык пландарды талкуулаган педкеңешменин протоколу.

**3.8 Билим берүү программаларын кайра кароо процессинде жаралган жакшыртуу процесстерин ишке киргизүүгө шарт түзө турган механизмдердин бар болушу.**

Билим берүү программасында кызыкдар тараптарды тартуу менен билим берүү кызматтарын көрсөтүүнү карап чыгуу максатында билим берүү программасынын мониторингинин, талдоосунун жана баалоонун натыйжалары боюнча чечимдерди кабыл алуу механизмдери бар.

Чечимдерди кабыл алуу механизмдери төмөнкү формаларда чагылдырылат:

Кызыкдар тараптардын билим берүү кызматтары боюнча сунуштары пед.кенеште, ата-энелердин чогулуштарында, ачык эшик күнүндө, окуучулардын парламентинин

жыйналыштарында каралат.

- Педагогикалык кенеш окуу жайдын иш аракеттерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө чечим кабыл алат.
- Ата-энелер чогулушунда окуучулардын жетишкендиктерин талкуулашат, билим берүү программасы жөнүндө сунуштарды беришет.
- Педагогикалык кеңеш жана тегерек столдордо иш берүүчүлөр билим берүү программасын талкуулашат жана келечектеги адис бүтүрүүчүлөрдө белгилүү кесиптик көндүмдөрдү, инсандык-багытталган компетенцияларды өнүктүрүүчү зарыл дисциплиналарды киргизүү боюнча сунуштарды киргизишет.
- Окуучулар парламенти тегерек столдорго, мугалимдер кеңешинин жыйналыштарына катышат жана аларга керектүү кесиптик компетенцияларды алуу үчүн талкуулоого жана сунуштарды, билим берүү программаларынын мазмунун кайра карап чыгууга түзөтүүлөрдү киргизүүгө укуктуу.

Тиркеме 3.11 окуучулардын парламентинин жылдык планы

Тиркеме 3.12 камкорчулар кеңешинин жылдык иш планы

**3.9 Билим берүү уюму билим берүүнүн сапаты тууралуу кызыккан тараптарга маалымат берүү үчүн механизмдерге ээ болуп саналат.**

Билим берүү программаларынын сапаттык көрсөткүчтөрү бүтүрүү, квалификациялык экзамендердин жыйынтыгы боюнча, практиканын бардык түрлөрүн өтүүнүн жыйынтыктары боюнча жана бүтүрүүчүлөр ишке орношууда аныкталат.

Устат мугалимдердин иштерин коррекциялоо, окуу жайдын койгон максаттарына жеткендигин жана окуучулардын, кызыкдар жактардын талаптарына жооп бергендигин аныктоо максатында жылына 1 жолу билим берүү программаларын баалоо жана мониторинг өткөрөт. Бул ишти директордун окуу иштери боюнча орун басар жүргүзөт. Анын жыйынтыктары педагогикалык кеңеште, ата-энелер чогулуштарында талкууланат. Мезгили менен алынган жарым жылдык жана жылдык баалоонун натыйжалары ата-энелерге чогулуштарда жеткирилет. Жана ошондой эле окуу жайдын сайтынан, социалдык тармактардан маалымат ала алышат. Мындан тышкары жылдык баалардын мониторинги атайын бурчтарга жайгаштырылат.

Тиркеме 3.13 http://allkesip.kg/pl57/

**3.10 Окуу-усулдук жактан камсыздоо Мамстандарттын талаптарына жана билим берүү программасынын максаттарына дал келет.**

**Жыгач уста- жыгаччылык жана паркет устаты "С1" категориясындагы автомобиль айдоочу кесибинин** окуу планы БКБББ тарабынан бекитилип кол коюлган,РИМБ тарабынан иштелип чыккан типтүү окуу планы боюнча жүргүзүлөт. Типтүү окуу планы аталган кесип боюнча мамлекеттик билим берүү стандартына жана максаттарына ылайык келет. Бекитилген типтүү пландын негизинде жумуш берүүчүлөр менен биргеликте жумушчу окуу пландары иштелип чыккан. Окуу типтүү пландын негизинде бекитилген окуу китептерин пайдалануу жана окуу методикалык колдонмолорду пайдалануу менен ишке ашырылат.

1.Жалпы билим берүүчү предметтер 2006 саат

2.5 Кесиптик даярдоо боюнча теория 2434 с.

3.Өндүрүштүк окутуу жана өндүрүштүк практика 1420 с.


3.1 өндүрүштүк практика 720 с.

4.Квалификациялык сынак 6 с.

Жалпы китепканалык фонд 6583 экз. китеп, жалпы билим берүү боюнча 1182 , кесиптик билим берүү боюнча 4383 китеп, көркөм адабияттар 1018, методикалык корсөтмөлөр 1201 китеп.

Лицейде жыгаччылык кесиби боюнча китептердин саны окугандардын санына дал келет. 2 компьютер китепканада интернетке туташтырылып, электрондук китепкана ишке киргизилди.




Жыгач усталардын окуу-методикалык камсыздоосу боюнча боюнча китепканачынын мониторинги.

Тиркеме 3.13 китепкана фонду

**3.11 Ыйгарылуучу квалификация так аныкталган жана кызыккан тараптарга түшүндүрүлгөн.**

Типтүү планда ыйгарылуучу квалификация даана, анык көрсөтүлгөн. Окууга кабыл алыгнан окуучуга жана анын ата-энесине чогулуштарда жеткирилет.

**Жыгач уста- жыгаччылык жана паркет устаты “С1” категориясындагы автомобиль айдоочу кесиби боюнча** төмөнкүдөй квалификацияларга ээ болот:

7124 – 3-4- разряддагы жыгаччы,

7124 – 3-4- разряддагы паркетчи,

8322 – “С1” категориясындагы автоунаа айдоочу

*Стандарттын күчтүү жактары:*

*1. Ыйгарылуучу квалификациялары көп;*

*2. Өндүрүштүк практикада окуучу разрядын жогорулатуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.*

*3. Маалыматтар бирдиктүү системага салынып, ИСУОго жайгаштырылат.*

*Алсыз жактары:*

*Китептердин аздыгы.*

**4-стандарт . Билим денгээлдерине / студенттердин компетенциясына баа берүү**
Студенттер жарыяланган бирдиктүү критерийлердин жана жоболордун негизинде ыраатту процедуралардын жардамы менен бааланат.

**4-стандатка карата критерийлер:**

**4.1 Абитуриенттерди жана студенттерди окутуунун жыйынтыктарына баа берүүнү жөнгө сала турган, МБСтин талаптарына жана аккредитацияланууччу билим берүү уюмуна карата коюлган Минималдуу талаптарга ылайык иштелип чыккан жана жарыяланган документтер.**

Кесиптик лицейде окуу процессинин графиги ар бир семестр үчүн окуу ишинин бардык түрлөрүн чагылдырып, окуу процессинин бөлүктөрүн ишке ашыруу мөөнөттөрүн көрсөтөт. Окуунун натыйжаларын баалоого мүмкүндүк бере турган сынактар: учурдагы (сыноо, өз алдынча иш ж.б.), аралык контролдоо (контролдук тапшырмалар, лабораториялык иштер ж.б.), практиканы (отчетторду) коргоо, бүтүрүү экзамендери (тесттер, экзамендер), жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация. (Кыргыз-тил адабият, орус-тил, математика,тарых, тандоо).
Семестрлердин башталышы жана аяктоо мөөнөтү бардык курстар үчүн бирдей.

| Курстар | Окуу жылынын узактыгы (жума) | 1-ж. жылдык | 2-ж. жылдык | Майрам күндөр | Кышкы Каникул | Жайкы каникул | Сыноолор |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 52 | 17 | 23 | 1 | 2 | 9 | - |
| 2 | 52 | 17 | 22 | 1 | 2 | 9 | 1 |
| 3 | 43 | 17 | 21 | 1 | 2 | - | 2 |

Жалпы билим берүү предметтеринин баалоо системасы мамлекеттик стандартка ылайык жүргүзүлөт.
Жыгач усталардын квалификациялык экзамендерин баалоо үчүн 3- курстун аягында график боюнча иш берүүчүлөр катышып, окуучунун жөндөмүн сыноого мүмкүнчүлүгү бар.
Окуу-методикалык комплекстерде ар бир дисциплина боюнча баа берүүнүн критерийлери жана ыкмалары чагылдырылган. Ар бир дисциплинанын чегинде контролдун ар бир түрү үчүн баалоо инструменттеринин фонду жана баалоо шкаласы каралган.
Баалоо шкаласы окуунун пландаштырылган натыйжаларына окуучунун жетишүү деңгээлин баалоого мүмкүндүк берет.
Баалоо- окуучулардын окуу жана таанып-билуу ишмердүүлүгүнө байкоо жүргүзүү, о.э билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында окуу жөнүндө малыматтарды баяндоо, жыйноо, каттоо жана интепретациялоо процесси.
Баалоонуну критерийлери:
Эгерде окуучу:

- Өтүлгөн окуу материалын толугу менен өздөштүрсө,

- Берилген суроолорго туура жооп берип, жазуу иштерин толук жана катасыз жазса;
- Өтүлгөн окуу материалдын негизги жоболорун туура түшүнсө;
- Кабыл алган билимин практикада жеңил колдоно алса;
- Татаал суроолорго кыйналбастан жооп берсе “5” “эн жакшы” баасы коюлат.

Эгерде окуучу:

- Өтүлгөн окуу материалын негизинен өздөштүрсө;
- Берилген суроолорго кыйналбастан жооп бере алса;
- Кабыл алган билимин практикада колдоно алса;
- Жазуу иштеринде бир аз ката кетирсе анда ага “4” “жакшы” баасы коюлат.

Эгерде окуучу:

- Өтүлгөн теманы негизинен өздөштүрсө,бирок суроолорго жооп берүүдө кыйналса;
- Жөнөкөй суроолорго жооп берип,бирок татаал суроолорго жооп берүүдө кыйналса
- Жазуу иштеринде ката кетирсе анда ага “3” “канааттандырарлык баа коюлат;

Эгерде окуучу:

- Окуу материалдарынын негизги бөлүктөрүн өздөштүрө албаса;

Жазуу иштеринде одоно ката кетирсе,анда ага “2” “начар” деген баа коюлат.
Окутуучу окуучулардын билимин ар бир сабакта текшерип,баалап журналга түшүрөт.
Окуучулардын жарым жылдык, жылдык жетишуу баасы,экзамендердин баасы,жылдык окутуу боюнча жыйынтык баасы “Окуучулардын өздөштүрүүсүн эсепке алуучу жыйынтык ведомостуна” толтурулат.
Тиркеме 4.1 баалоо сынактарынын протоколдору

**4.2 Билим берүүнүн максаттарына жана окутуунун пландаштырылган максатына ылайык жыйынтыктарга баа берүүнүн объективдүү процедуралары жана так критерийлери пайдаланылат. Окутуунун жыйынтыктарына баа берүүнү өткөрүүгө квалификациялуу адистер (академиялык жамаатташтардын жана практиканын өкүлдөрү) тартылат, алар баа берүүнүн көз карандысыздыгын жана объективдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн баа берүүнүн ыкмасы жана критерийлери боюнча окуудан өтүшкөн болот.**

Окуучулардын билимин баалоонун объективдүүлүгү үчүн билимди баалоо критерийлери боюнча сунуштар иштелип чыккан. Учурдагы контролдук жана жыйынтыктоочу экзамендердин ачык-айкын болушу үчүн экзамен алуучу аудиторияда видеокамера орнотулуган. Экзаменди жүргүзүш үчүн экзаменди кабыл алуу комиссиясы түзүлөт. Комиссиянын курамына окуу жайлардын квалификациялуу адистери ушу тайпага сабак бербеген устаттар жана өндүрүштөрдүн өкүлдөрү, иш берүүчүлөр кирет.
Дисциплиналар боюнча учурдагы баалуу прогресске мониторинг жүргүзүүнүн формалары жана ыкмалары окуу жай тарабынан аныкталат:

-  Оозеки суроо

Жазуу жүзүндөгү сурамжылоо

-  Бланк тестирлөө ж.б.

Окуучулардын даярдоонун сапатын баалоо системасын түзүүнүн оптималдуу жолу билимди, көндүмдөрдү жана инновациялык ыкмаларды текшерүүнүн салттуу ыкмаларынын жана каражаттарынын айкалышы болуп саналат.

Практиканын бардык түрлөрүнүн жыйынтыгын өндүрүштөн жана ишканадан практиканын жетекчиси, кесиптик лицейдин комиссиясы карап чыгат жана баалайт, анын курамына: кесиптик лицейдин практика башчысы, ЖБМ үчүн жооптуу жетекчи окуунун натыйжаларына баа бере ала турган квалификациялуу адистер кирет. Көз карандысыз сертификациялоонун элементтери кесиптик квалифакациялык экзаменде колдонулат.

Тиркеме 4.2 квалификациялык экзамендердин протоколу

**4.3 Пайдаланылган процедура, баа берүүнүн формалары жана критерийлери, ошондой эле жыйынтыктарга баа берүүнүн жалпы жана жыйынтыгы жөнүндө кызыккан тараптарга маалымат берүүнүн механизмдери жана формалары.**

Кеситпик лицейге кабыл алынган студенттерди орто жана жыйынтыктоочу аттестациялоонун формасы, мезгилдүүлүгү жана жүрүшүнө мониторинг жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө негизги документтерди жетекчиликке алып, мугалим дисциплинаны окуунун башталышында (биринчи сабакта) дисциплинаны окуу графиги; окуучуларды окуу планынын мазмуну, максаттары, тапшырмалардын түрлөрү, жетишиле турган окуу натыйжалары, контролдун мөөнөттөрү жана формалары менен тааныштырат.

Мезгили менен алынган жарым жылдык жана жылдык баалоонун натыйжалары маалыматтык-компьютердик байланыш аркылуу кызыкдар тараптарга, ата-энелерге, устат-мугалимдерге жеткирилет. Ар бир группанын устаттары ата-энелердин, окуучулардын вацап группаларын ачышкан. Ошол группага маалыматтар берилип турат.

Тиркеме 4.3 поэтаптуу экзамендердин протоколдору

Квалификациялык экзамендердин графиги.

**4.4 Билим берүү уюму баа берүүнүн жыйынтыктарын талдайт жана кемчиликтерди жоюу, билим берүү уюмунун жыйынтыктарын жакшыртуу боюнча чараларды кабыл алат.**

Окуу жылынын 1-2-жарым жылдыгынын жыйынтыгын чыгаруу максатында окуучулардан ар бир предмет боюнча тест, жат жазуу, дил баян ж.б алынып, ошонун негизинде билим сапатынын мониторинги чыгарылат. Анын жыйынтыгы менен ар кандай иш-чаралар аткарылат, алсак, окуучулардын дистанттык окутууда билим сапаты түшүп кеткендигине байланыштуу отурумдарда компьютердик курстарды окуучуларга бекер уюштуруу колго алынып, өткөрүлгөн.


Билим беруу программаларын жакшыртуу максатында окуу жайда ар кандай ийремдер жана кружоктор уюштурулган**.**

Педагогикалык методдорду, билим берүүнүн формаларын жана технологияларын баалоо жана тууралоо боюнча окуучулар менен үзгүлтүксүз кайтарым байланыш ар бир мугалим тарабынан сабак учурунда жана сабактан кийин жүргүзүлөт, алардын педагогикалык ыкмаларына, билим берүү формаларына, технологияларына жана баалоонун жол-жоболоруна канааттангандыгын класста ачып берет.

Устат мугалимдердин иштерин коррекциялоо, окуу жайдын койгон максаттарына жеткендигин жана окуучулардын, кызыкдар жактардын талаптарына жооп бергендигин аныктоо максатында жылына 1 жолу билим берүү программаларын баалоо жана мониторинг өткөрөт. Анын жыйынтыктары педагогикалык кеңеште, ата-энелер чогулуштарында талкууланат. Мезгили менен алынган жарым жылдык жана жылдык баалоонун натыйжалары маалыматтык-компьютердик байланыш аркылуу кызыкдар тараптарга, ата-энелерге, устат-

мугалимдерге жеткирилет. Ар бир группанын устаттары ата-энелердин,окуучулардын вацап группаларын ачышкан. Ошол группага маалыматтар берилип турат.

| **Баткен шаарындагы №57-Кесиптик лицейинин 3 жылдык „Жыгач уста" тобунун „Технология" сабагы боюнча билим сапатынын жетишуу мониторинги Кесиптик мугалим Д.Абдраймова** | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| . | | 2017-2018 | | 2018-2019 | | 2019-2020 | | 2020-2021 | | 2021-2022 | |
| № | Тайпалар | 1-ж/ж | жылдык | 1-ж/ж | жылдык | 1-ж/ж | жылдык | 1-ж/ж | жылдык | 1-ж/ж | жылдык |
| 1 | 181 | 60% | 74% | 65% | 75% | | | | | | |
| 2 | 186 | | | 70% | 85% | 65% | 80% | 60% | 75% | | |
| 3 | 191 | | | | | 72% | 85% | 75% | 89% | 71% | |
| 4 | 196 | | | | | | | 61% | 76% | 80% | |
| 5 | 201 | | | | | | | | | 75% | |




Тиркеме 4.4 жарым жылдык жана жылдык баалардын проценттик катышынын 5 жылдык анализи.

**4.5 Окуп жаткандардан түшкөн арыздарды (даттанууларды) кароо үчүн аларга жооп берүүнүн процедуралары иштелип чыккан жана ишке киргизилген.**

Окуп жаткандар лицей ичинде окуу процессинин катышуучулары менен келишпестиктер болгон учурда, же экзамендик баалардын туура бааланбай калган учурларында арызданууга укуктуу. Лицейдин кире беришинде даттануу ящиг оротулган жана атайын Жобо иштелип чыккан.

Бүтүрүү экзамендериндеринде анын билим сапатын туура эмес бааланган учурда ал аппеляцияга берүүгө укугу бар. Мындай учурда лицей ичинде директордун буйругунун негизинде аппеляциялык комиссия түзүлөт, нааразы болгон окуучунун билимин комиссия алдынды кайрадан бааланат.

Аккредитацияланып жаткан кесип боюнча акыркы 5 жылда алган бааларына наарazы болгон окуучулар жок.

Башка даттануу боюнча окуучу каалаган күнү устатка, дирктордун орун басарларына жана директорго кайрыла алат.
Тиркеме 4.5 даттануу ящиги жонүндө Жобо

*Стандарттын күчтүү жактары:*
*1. Даттануулар боюнча Жобо иштелген.*
*3. Арыз, даттануулардын жоктугу.*
*Алсыз жактары:*
*Лицейдин маалыматтарын сайтка өз учурунда жайгаштырган адистин жоктугу*

**5-стандарт. Окуй тургандарды кабыл алуу, билим берүүнүн жыйынтыктарын таануу жана бүтүрүүчүлөрдү чыгаруу**
**5- стандартка карата критерийлер:**
**5.1 Билим берүү уюмунун бекитилген кабыл алуу эрежеси жана окуй тургандарды тандап алуу процедурасы бар, алар билим берүү уюмунун миссиясына туура келет жана кызыккан тараптар үчүн оңой жеткиликтүү (сайтта же башка жарыялоолордо) болуп саналат.**
Кесиптик лицейге окуучуларды кабыл алуу лицейдин уставынын 3-параграфында көрсөтүлгөн тартипте жүргүзүлөт.

1. №57 КЛге студенттерди кабыл алуу үчүн 3 адамдан кем эмес составында кабыл алуу комиссиясы түзүлөт. Туура кабыл алуу үчүн директордун буйругу менен дайындалган кабыл алуу комиссиясынын төрагасы жоопту**.**
2. КЛде документтерди кабыл алуу 15-июльдан баштап окуу күнүнө 3 күн калганда аяктайт.
3. Лицейге кабыл алуу билими жөнүндө документтерде көрсөтүлгөн баллдарды эске алуу менен аңгемелешүү жолу менен жүргүзүлөт.

Абитуринттердин кабыл алуу комиссиясына кайрылуусу окууга кабыл алуу арызынын негизинде кабыл алынат. Окуу жайда абитуриенттер үчүн маалымат бурч уюштурулат.

Лицей тууралуу маалыматтар лицейдин сайтында, инстаграм баракчасында жана башка сайттарда бар.

https://kutbilim.kg/news/inner/batken-shaaryndagy-57-kesiptik-litseji-ky/ Кут билим газетасына жыл сайын лицей жөнүндө маалымат берилип турат.

https://kg.kompass.com/c

https://edc.kg/colleges/kursy_batkenskoy_oblasti_educount_type6

Тиркеме 1.1 окууга кабыл алуу, көчүрүү, окуудан чыгаруу боюнча кызыкдар тараптар менен макулдашылган Жобо

Тиркеме 1.2 Устав

**5.2 Билим берүү уюмунун түзүмү жана процедурасы бар, алар менен окуй тургандарды тандап алуу, кабыл алуу, көнүктүрүү, өнүктүрүү жана бүтүрүп чыгаруу процесстерин башкарат.**
Жыл ичинде абитуриенттерди тартуу жана алардын профессионалдык багыты боюнча иш-чаралар өткөрүлөт. Жаз-жай мезгилинде мугалимдер жана кызматкерлер кесипке багыт берүү иш-чаралары менен мектептерге барышат.

Ар бир группага кабыл алуу комиссиясы тарабынан ар-бир кабыл алынуучу абитуриент менен маектешүү жүргүзүлөт.

Кабыл алынган окуучулардын адаптация болушу үчүн окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары иш-чараларды жүргүзөт. Окууга келген окуучулардын көпчүлүгү жатаканада калгандыктан, аларга кружок иштерин уюштурат. Баткен шаардык спорт сарайы менен түзүлгөн келишимдин негизинде волейбол жана футбол кружоктору уюшулган.


Биринчи курстун окуучуларынын окуу процессине жана кесиптик лицейдин турмушуна адаптациялоо биринчи окуу күндүн жүрүшүндө анкета аркылуу устаттар тарабынан ишке ашырылат.

Студенттерди бүтүрүү төмөнкү жол-жоболорго жана стандарттарга ылайык жүзөгө ашырылат:

Окуучуларды бүтүрүү жана диплом алуу окуу жайдын лицензиясы жана бүтүрүүчү дипломун берүү укугу менен КР Билим берүү жана илим министрлигинин сертификаты болушу керек. Окуучу окуу планын толуктап, окуу программасынын берилген кесиптик циклдарынын предметтерин толук окуп бүтүрүш керек. Ошондой эле, окуу программасында көрсөтүлгөн практиканын саатын бүтүрүп,бүтүрүүчү жыйынтыктоочу аттестациядан жана квалификациялык сыноодон өтөт.

**Бүтүрүүчүлөр жөнүндө маалымат**

| № | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 |
|---|---|---|---|---|---|
| | 26 | 32 | 21 | 23 | 27 |




**5.3 Билим берүү уюму окуп жаткандардын окуудагы күтүлгөн жыйынтыктарга жетишүүсү үчүн жана алардын академиялык мобилдүүлүгүнө шарт түзө турган тийиштүү механизмдер аркылуу мурунку болгон окуутуунун жыйынтыктарын таанып билүүнүн объективдүүлүгүн камсыз кылат.**

Окуу жайга кабыл алуу жана кабыл алуу билими жөнүндө документтерде көрсөтүлгөн бааларды эске алуу менен аңгемелешүү жолу менен жүргүзүлөт.

Окуу жайга кабыл алуу үчүн документтер:

1. Негизги жалпы билими жөнүндө аттестат (9-класстан кийин)

2. медициналык справка;

3. 3*4 өлчөмүндөгү 6 фотокарта;

4. Паспорт/туулгандыгы тууралуу күбөлүк;

5. Аскердик билет же каттоо күбөлүгү.

Кабыл алуу комиссиясында бардык керектүү маалыматтар камтылган абитуриенттин бурчу түзүлөт.

Окуу жүктөмү лицейде типтүү планга же мамлекеттик стандартка шайкеш келет. Окуу мөөнөтү 3-жыл. Окуу- өндүрүштүк жүктөмдөр 1-2 курстарда 36 академиялык сааттан жана 2 жарым жылдыкта 37 сааттан жана 3- курста 39 академиялык сааттан каралган. Бардык курстардын жетишүүсү, бүтүрүүсү боюнча мугалимдердин педогогикалык, өндүрүштүк

кеңешмелеринде талкуу жүргүзүлөт. Окуучулардын акыл эмгегин, жөндөмүн, биологиялык жана физикалык жактан өсүүсүн эске алуу менен типтүү окуу планынын негизинде окуу жүктөмдөрү бөлүштүрүлгөн.

| **№** | **Кесиби** | **Курсу** | **Тобу** | **Окуучунун саны** | **Кыздар** |
|---|---|---|---|---|---|
| | **9-кл базасында** | | | | |
| 1 | Жыгач уста “С1” категориядагы авто айдоочу | I | 201 | 32 | - |
| 2 | Жыгач уста “С1” категориядагы авто айдоочу | II | 196 | 28 | - |
| 3 | Жыгач уста “С1” категориядагы авто айдоочу | III | 191 | 22 | - |
| 4 | Тигүүч, тигүү жабдууларынын оператору | I | 202 | 28 | 26 |
| 5 | Тигүүч, тигүү жабдууларынын оператору | II | 197 | 27 | 21 |
| 6 | Тигүүч, тигүү жабдууларынын оператору | III | 192 | 26 | 23 |
| | **Бардыгы** | | | **163** | |
| | | | | | |
| 7 | Ашпозчу | 10 ай | 203 | 30 | 25 |
| 8 | Тигүү жабдууларынын оператору | 10 ай | 204 | 29 | 29 |
| | | | | 59 | 124 |
| | | | | | |

Окуу жайда окуган окуучулардын ата–энелерге окуучулардын жетишүүсү боюнча маалыматтар берилип турат. Окуучулардын бүтүрүүсү боюнча айтсак, мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясына киргизүүнүн буйругу жана тапшыруунун негизинде көзөмөлдөнөт.

**5.4 Билим берүү уюму билим берүү программасы боюнча окуусун аяктаган жана окутуунун күтүлгөн жыйынтыктарына жеткендерге билими тууралуу документти берет, бул документке окутуудагы жетишилген жыйынтыктары, ошондой эле алган билиминин мазмуну жана квалификациясы, окууну бүткөндүгү жөнүндө күбөлүгү камтылат.**

Кесиптик бибим берүү уюмунун бүтүрүүчүсүнө тийиштуу квалификация ыйгаруу жана мамлекеттик жыйынтыктоочу бүтүрүү сынагына киргизилген, сынактын бардык түрлөрүнүн ийгиликтүү өткөндөн кийин ишке ашырылат. Окууну аяктаган соң, окуучу мамлекеттик үлгүдөгү аттестат, диплом, автоунаа айдоочунун күбөлүгүн жана 3 жылдын эмгек стажысы менен эмгек книжкасын ала алат.

Жыгач уста- жыгаччылык жана паркет устаты “С1” категориясындагы автомобиль айдоочу кесиби  боюнча төмөнкүдөй разряддарга ээ болот:

7124 – 3-4- разряддагы жыгаччы,

7124 – 3-4- разряддагы паркетчи,

8322 – “С1” категориясындагы автоунаа айдоочу. Эгерде окуучу автоунаа боюнча экзаменге катышпаса, күбөлүк ала албай калат.

Бүтүрүүчүлөрдү мамлекеттик аттестациядан өткөрүүнүн жыйынтыктары, мамлекеттик экзаменди тапшыруудагы жана квалификациялык сыноонун негизги артыкчылыктары жана кемчиликтери Мамлекеттик квалификациялык комиссиянын төрагаларынын баяндамаларында чагылдырылат.

Окутуунун натыйжаларынын жетишкендиктерин текшерүү бүтүрүүчүлөрдүн билимдерин, жана көндүмдөрүн окутуучулар, практика жетекчилери, мамлекеттик квалификациялык комиссиянын мүчөлөрү, иш берүүчүлөр тарабынан баалоодо жүргүзүлөт.

Иш берүүчүлөр практиканын бардык түрлөрүндө окуучулардын даярдыгынын деңгээлин жана сапатын баалоо мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Тиркеме 5.4 бүтүрүп чыгаруу боюнча жылдык Педагогикалык кеңешменин протоколу.

- Тиркеме 5.5 Окуусун аяктагандыгы боюнча мониторингдин жыйынтыктары (жыйынтыктоочу аттестация).

Тиркеме 5.6 Окуудан чыгаруу боюнча буйруктар

*Стандарттын күчтүү жактары:*
*1. Окуучулардын  разряддары- 3.*
*2. Бүтүрүүчүлөрдү жумушка орноштуруу  анализделинет.*
*Алсыз жактары:*
*Лицейдин маалыматтарын сайтка өз учурунда жайгаштырган адистин жоктугу*

**6- стандарт. Сапаттын жана окутуучулук курамдын компетенттүүлүгүнүн кепили**

**Билим берүү уюму академиялык жана колдоо көрсөтүүчү персоналдарды башкаруу боюнча миссияга ылайык саясатка жана механизмдерге ээ. Бул механизмдер окутуучуларга жана колдоо көрсөтүүчү персоналдарга, ошондой эле бардык кызыккан тараптарга белгилүү болуп саналат.**

**6- стандартка карата критерийлер:**

**6.1 Билим берүү уюму кызыккан тараптардын катышуусу менен БУнун кадрдык саясатын иштеп чыгууга, кайра кароого жана жакшыртууга мүмкүндүк бере турган механизмдерге ээ.**

Окуу жайдын эмгек тартибинин ички эрежелери профсоздук бирикменин кеңешмесинде каралып бекитилген. Жумушка кабыл алуу эрежелери лицейдин Уставында көрсөтүлгөн.

Окуу процессине педагогикалык кадрларды тандоонун критерийлери болуп алардын кесипкөйлүгү, мугалимдин педагогикалык тажрыйбасы, бул багыттагы өндүрүштөгү иш тажрыйбасы, эмгекке болгон мамилеси, тартиптүүлүгү жана адамкерчилиги эсептелет.

Окуу жайда устат- мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча иштер алынып барылат. Мындай приоритеттик багыт окуу жайдын стратегиялык планында да көрсөтүлгөн.

Тиркеме 6.1 Стратегиялык план

Тиркеме 6.2 Устав

6.2 **Билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык окутуучуларды жана окуу-көмөкчү курамды ишке кабыл алуунун жана кызматы боюнча жогорулатуунун ачык жана объективдүү критерийлерин пайдаланылат.**

Окуу жайга кызматкерлерди жумушка кабыл алууда Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык, директордун буйругунун негизинде жумушка кабыл алуу үчүн инсандын өз арызы, резюме, келишим билими жана стажы эске алынып, ангемелешүү жүргүзүлүп жана директордун буйругунун негизинде жумушка кабыл алынат. Лицейде кызматтарга дайындоо жана жана кызматтан жогорулатуу Кыргыз Республикасынын КБББ жобосунун негизинде жүргүзүлөт.

Кызматтан которуу, кетирүү КР Эмгек Кодексинин негизинде жүргүзүлөт. Кызматтан кеткендиги тууралуу директордун буйругу чыгат жана кызматкердин эмгек китепчесине жазылат.

Аккредитацияланып жаткан кесип боюнча Турсункулов К., билими –башталгыч кесиптик, 500 сааттык педагогика, психология сабактарын окуган, кайра квалификациялоо курсунан өткөн.

Темиров К., билими – жогорку

Момунов Ж., билими – орто кесиптик

Сафаров А., билими – жогорку

Раимкулов А., билими - жогорку

Абдраймова Д., билими- атайын орто

Тиркеме 6.3 кадр бөлүм башчысынын отчету.

**6.3 Окутуучулардын квалификациялык денгээлдери (илимий даражалары, илимий наамдары, тармактык жана мамлекеттик сыйлыктары, басмадан чыккан окуу китептери жана окуу-усулдук колдонмолору) билим берүү уюмунун миссиясын аткарууну камсыз кылат жана лицензиялык талаптарга жооп берет; окуу-көмөкчү курамдардын билим берүү программасы боюнча билимдери (окутуучулардын илимий-изилдөөчүлүк жана практикалык денгээлдери, РИНЦ) билим берүүнүн максаттарына жана окутуунун пландаштырылган жыйынтыктарына жетишүүнү камсыз кылат.**

Кесиптик лицейдин инженердик-педагогикалык кызматкерлердин билими, тажырыйбасы жана квалификациясы,билим берүүчү программага жана билим берүү процессинин талаптарына жооп берет. ИПКди кызматка даярдоодо жана окуу предметтерин бөлүштүрүүдө алардын билимин, практикалык тажырыйбасынын жана квалификациясынын талапка жооп бергендиги эске алынат**.** Окуу жайда устат-мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча иштер алынып барылат. Мындай приоритеттик багыт окуу жайдын стратегиялык планында да көрсөтүлгөн**.**

**6.4 Билим берүү уюмунда окутуучу жана окуу-көмөкчү курамдардын ишмердиктерине баа берүү жана мотивдештирүү системасы иштейт.**
**Кесиптик мотивация** – кызматкердин эмгектик активдүүлүгүн пайда кылуучу жана аны кесиптик максаттарга жетүү үчүн багыттоочу тышкы жана ички мотивдердин системасы**.** Лицейде педагогикалык кызматкерлер курамынын ишмердиктерине баа беруу боюнча иштер алынып барылат. Жылдын аягында окуу жайдын мыктылары грамота менен жана акчалай сыйлыктар менен сыйланышат**.**

Тиркеме 6.4 Кадр бөлүм башчысынын отчету.

**6.5 Билим берүү уюму окутуучу курамдын, окуу-көмөкчү жана тейлөөчү персоналдардын квалификациясын мезгил-мезгили менен жогорулатып турууну камсыз кылат.**

Билим берүү программаларын иштеп чыгуунун негизги шарты мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу болуп саналат. Квалификацияны жогорулатуу квалификацияны жогорулатуу курстары жана тажрыйба алмашуу системасы аркылуу ишке ашырылат.
Билим берүүдө окутуучулар атайын квалификациясын жогорулатуу боюнча РИМБ уюштурган окууларга катышып турушат

Тиркеме 6.5 Квалификацияны жогорулатуучу курстардын графиги.

**6.6 Билим берүү уюмунда окутуучулар тарабынан мамстандарттын талаптарына туура келген окуу программаларын, окуу куралдарын, окуу китептерин иштеп чыгуулары үчүн шарттар түзүлгөн, муну менен окутуунун жыйынтыктарына жетүүгө жана билим берүү программасынын сапатын жакшыртууга түрткү берет.**

Программанын окуу планы БКБББ тарабынан бекитилип кол коюлган, РИМБ тарабынан иштелип чыккан типтүү окуу планы боюнча жүргүзүлөт. Типтүү окуу планы аталган кесип боюнча мамлекеттик билим берүү стандартына жана максаттарна ылайык келет**.** Бекитилген типтүү пландын негизинде жумуш берүүчүлөр менен биргеликте жумушчу окуу пландары иштелип чыккан. Окуу типтүү пландын негизинде бекитилген окуу китептерин пайдалануу жана окуу методикалык колдонмолорду пайдалануу менен ишке ашырылат. Ошондой эле ар бир мугалим, чебердин усулдук колдонмолор менен камсыз болушу боюнча иш чаралар жүргүзүлүүдө.

Окуу жайда билим берүү программасынын сапатын жакшыртуу максатында мугалим устаттар усулдук иштерди иштеп чыгышат**.** Лицейде ар бир ай сайын өз ара сабакка кирүү графиги түзүлөт. Ошол графиктин негизинде мугалим, устаттар тажырыйба алмашуу максатында өз ара сабакка кирип турушат**.**

Тиркеме 6.6 Мугалимдердин өз ара сабакка катышуу графиги.

*Стандарттын күчтүү жактары:*

*1. Мугалимдер квалификациясын көтөрүп турууга шыктанат.*

*Алсыз жактары:*

*Лицейдин окутуучулардын өз китептерин чыгарууга каражаттардын бөлүнбөгөндүгү.*

**7- стандарт. Окуу ресурстары жана аларды студенттерге камсыз кылуу**

Окутуу процессин уюштуруу үчүн пайдаланыла турган ресурстар жетиштүү экендигине жана ишке ашырыла турган программалардын талаптарына туура келе тургандыгына билим берүү уюму кепилдик берет.

**7-стандартка карата критерийлер:**

**7.1 Окуу планынын талаптарына ылайык тиешелүү материалдык-техникалык база менен билим берүү программасынын камсыз болушу;**

Кесиптик лицей окутуучу окутуунун күтүлгөн натыйжасына жетишүүсү үчүн жеткиликтүү болгон материалдык ресурстар менен камсыздалган.

Ар бир класс кабинеттер тиешелүү предметке ылайыкталып жабдылган. Окуу жайда

wi-fi бар, китепканада китептер жетиштүү, окуу залы бар, 2 компьютердик класстар бар, автомобиль айдоочу жана практикалык окутууга автодром бар. Жолдо жүрүү эрежеси боюнча атайын кабинет бар. Жыгач усталардын АБР долбоору менен жабдылган устакана жана лицей оз күчү менен жабдыган устаканалар бар. Атайын технология сабагы боюнча жабдылган кабинет бар. Ар бир кабинет жөнүндө маалыматтарды камтыган паспорттору бар.

**Баткен шаарындагы №57- Кесиптик лицейи.**

**Жыгач уста кесиби. Окуу өндүрүштүк цехтин жабдуулары.**

| № | Жабдууларжын аталышы | Саны | Абалы |
|---|---|---|---|
| 1 | Верстак столярный | 6 | Жакшы |
| 2 | Аккумуляторная дрель шруповорт | 2 | Жакшы |
| 3 | Вертикально горизонтальная шлифованная машина | 1 | Жакшы |
| 4 | Вивро шлифованная машина | 2 | Жакшы |
| 5 | Дрель электрический | 2 | Жакшы |
| 6 | Набор инструментов для плотника | 2 | Жакшы |
| 7 | Редуктор | 2 | Жакшы |
| 8 | Рейсмусовый станок | 1 | Жакшы |
| 9 | Рубонок электрический ручной | 2 | Жакшы |
| 10 | Ручная электро циркулярка PIL48201 | 2 | Жакшы |
| 11 | Ручная электро циркулярка PIL71851 | 2 | Жакшы |
| 12 | Ручной фрезерный станок | 2 | Жакшы |
| 13 | Сверильный станок | 4 | Жакшы |
| 14 | Станок столярные | 1 | Жакшы |
| 15 | Тиски | 5 | Жакшы |
| 16 | Токарный станок универсальный (дерево/металл) | 1 | Жакшы |
| 17 | Точильный станок | 2 | Жакшы |
| 18 | Ударная дрель | 2 | Жакшы |
| 19 | Фрезерный станок | 1 | Жакшы |
| 20 | Фуговальный станок | 1 | Жакшы |
| 21 | Циркулярная пила ручная | 2 | Жакшы |
| 22 | Циркулярная пила со скользящим столом | 1 | Жакшы |
| 23 | Цифровая угломер | 2 | Жакшы |
| 24 | Шебер электрический | 1 | Жакшы |
| 25 | Электролобзик | 4 | Жакшы |
| 26 | Электропила ТЕН | 2 | Жакшы |

Тиркеме 7.1 кабинеттердин паспорттору

**7.2 Билим берүү уюмунда окуй тургандарды практикадан өткөрүүгө орун берүүсү үчүн ишканалар менен болгон келишимдердин болушу;**

Окуу жайда окуучулардын өндүрүштүк жана дипломдун алдындагы практикадан өтүү үчүн окуу программасынын негизинде даярдык иштери жүргүзүлөт. Окуучулардын өндүрүштүк жана дипломдук алдындагы практикадан өтүүсү үчүн 2 тараптуу келишимдер түзүлөт.

Практика башталганга чейин устаттар окуучулар менен инструкциялык кеңешме өткөрөт жана төмөнкү документтерди берет:

1. Практика үчүн программа жана колдонмолор;

2. Практикага тапшырма;

3. Практикага жолдомо;

4. Окуучунун өндүрүштүк практикасы жөнүндө иш берүүчүдөн мүнөздөмө.

Окуу жай келишимдин негизинде учурда иштеп жаткан өндүрүштөр:

1. “Жакшылык” мебель цехи

2. Жеке ишкер “Мунарбек “ жыгач иштетүүчү цехи

**Практика учурунда студенттер төмөнкүлөргө милдеттүү:**

1. Практика болгон жерге өз убагында келип, уюмга катталууга;

2. Эмгекти коргоо боюнча инструктаж алууга;

3. Ишкананын жетекчиси менен практиканын программасын талкуулоо;

4. Практикалык программада каралган тапшырмаларды аткарууга;

5. Уюмдун ички эмгек тартибин жана эмгекти коргоо талаптарын сактоого;

6.Практикалык күндөлүк жүргүзүү, тапшырмага жана практикалык программага ылайык отчетту даярдоо боюнча системалуу түрдө иштөө;

7. Практика графигине ылайык практика программасынын аткарылышын камсыз кылуу;

8. Ишкана жетекчисинен практикада даярдалган отчеттун сапаты боюнча пикир алуу.(мүнөздөмө)

Практика аяктагандан кийин окуу жайдын жана ишкананын практика жетекчилери окуучулардын тапшырган отчетторун текшерип, кабыл алышат. Практиканын отчету окуу жайдын администрациясы тарабынан дайындалган комиссия кабыл алат. Мында отчеттун мазмуну, анын жасалгалоо сапаты, студенттин ишке болгон мамилеси, маектешүү учурундагы анын жооптору, ишкананын кызматкерлеринин пикири эске алынат.

Тиркеме 7.2 ишканалар менен түзүлгөн келишимдер

### 7.3 Студенттер үчүн заманбап китепканалык жана маалыматтык ресурстар жеткиликтүү болот, муну менен китепкана фондусу окуу үчүн керектөөлөрү жабат.

Лицейде китепкана жана 20 орундуу окуу залы бар, ошондой эле 2 компьютерге электрондук китептер жүктөлгөн.

Китепкана фондунда кесиптик китептерден жыгач уста кесибине тиешелүү керектүү китептер менен камсыздалган.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1.Жыгач устачылык жана паркеттик иштер | Крейндлин Л.Н | 1997г. | Б.Кесип | 30 |
| 2.Жыгач уста жана паркет иштер материал.таануу | Григорьев М.А | 1996г | Б.Кесип | 12 |
| 3.Уйрончук жыгач устага жардам | Чистяков А.С | 1989г. | Ф.Кыргызстан | 16 |
| 4.В помощь начинающему столяру. | Чистяков А.С. | 1989г. | Ф.Кыргызстан | 86 |
| 5.Материаловедение для столяр и плитков | Григорьев М.А. | 1981г | М.Высшая школа | 15 |
| 6.Препод.тех.столярных работ | Кибальников В.Г | 1981г | М.Высшая школа | 37 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 7.Материаловедение для столяров.плитков и паркетчиков | Григорьев М.А | 1989г | М.Высшая школа | 8 |
| 8.Технология отделки столярных изделий | Прозоровский Н.И. | 1991г. | М.Высшая школа | 2 |
| 9.Охрана труда при произ.стол.ра | Сугробов Н.П. | 1988г. | М.Высшая школа | 3 |
| 10.Бардык шарттары м-н уй куруу | РНМЦ | 2017ж | Бишкек | 25 |
| 11.Материал таануунун негизи | Назарматова А | 2017ж | Бишкек | 10 |
| 12.Уйрончук жыгач устага жардам | Ботобекова А | 2017ж | Бишкек | 20 |
| 13.Жыгач устачы ж-а паркетчи у-н материал таануу | Жапаргазиев | 2017ж | Бишкек | 20 |
| 14.Жыгаччылык,устачылык иштеринин технологиясы | Турдалиев И.Т | 2017ж | Бишкек | 25 |
| 15.Уйрончук жыгач устага жардам | Ботобекова А | 2017ж | Бишкек | 20 |
| 16.Жыгаччылык,устачылык иште-нин технолиясы | Турдалиев И.Т. | 2017ж | Бишкек | 25 |
| 17.Материал таануунун негизи | А.Назарматова | 2017ж | Бишкек | 10 |

6.АВТОМОБИЛЬ АЙДООЧУ. Кесиби боюнча колдонуучу китептер.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1.Айыл чарба техникалык тейлоо жана ремонттоо. | Козлов Ю.С. | 1993г | Мектеп.бас. | 59 | На кыргыз |
| 2.Машиналарды техникал.тейлоо | Алиев Т.И | 1994г | Б.кесип. | 35 | На кыргыз |
| 3.Автомобильдердин тузулушу жана тех. Тейлоо б.ча программа.тапшыр. | Левшиц Л.В. | 1992г | Б.кесип | 10 | На кыргыз |
| 4.С категориясындагы автомоб.айдоочу | Калнеский В.С. | 1999г | Б.Кесип | | На кыргыз |
| 5.Автомобиль айдоонун негиздери жана кый.коопсуздугу. | Коноплянко В.И | 1993г | Б.Кесип | 15 | На кыргыз |
| 6.Пособие для изучения ПДД Кыр.Респуб | Калугин М.И. | 2008г | Б.Бийиктик | 13 | На русском |
| 7.Айылдык механи затор.справочниги. | Радичев В.А. | 1984г | Ф.Мектеп | 96 | На кыргыз. |
| | | | | | На кыргыз |
| 9.Тракторлор жана автомобилдер | Чыныбаев Ш.К. | 1995г | Ф.Мектеп | 36 | На кыргыз |
| 10.Кенири профилдеги трак.маш.даярдо | Алиев Т.И. | 1991г | Б.мектеп | 28 | На кыргыз |
| 11.Айыл чарба маш иналары. | Лурье А.Б. | 1985г | Ф.Мектеп | 45 | На кыргыз |
| 12.Машиналарды техникалык тейлоо жана ремонттоо. | Ульман И.Е. | 1997г | Б.Кесип | 15 | На кыргыз |
| 13.Жаш | Алиев Т.И. | 1993г | Б.Кесип | 33 | На |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| механизатор.маалымдамасы | | | | | кыргыз |
| 14.Машина трактордук паркты эксплуата циялоо боюю.жаш механ.окуу куралы | Касенов Б.К | 1988г | Ф.Мектеп | 36 | На кыргыз |
| 15.Жол кыймыл.коопсуз.негизи. | Лившиц А.В. | 1985г | Ф.Мектеп | 155 | На кыргыз |
| 16.Техничес .обслуж.и ремонт.гусенич.тактор. | Копылов Ю.М | 1990г | М.Госагророомиз. | 18 | На русском. |
| 17.Посбие молотдому механизатору по эксплуатации машинно такторного | Касенов Б.К | 1985г. | М.Агропропиздат | 11 | На русском |
| 18.Организация методика производствен ного обучения слесарей и ремонту тракторов,автомобилей и сельскохозяйст венных машин | Митронин В.П | 1985г. | М.Агропром. | 10 | На русском |
| 19.Автотранспорт айдоочусун даярдоочу окуу программасынын жыйнагы. | Токтакунов Д.С. | 2016г | Бишкек | 30 | На кыргыз. |
| 20.Авто унаа техникасы тейлоо ж-а ондоо | Толобаев М. | 2017ж | Бишкек | 10 | На кыр |
| 21.Автомобилдерди ондоочу слесарь | РНМЦ | 2017ж | Бишкек | 5 | На кыр |
| 22.Жол кыймылынын эрежелери | Д.Токтакунов | 2017 | Бишкек | 5 | На кыр |
| 23.Авто унаа техникасы,тейлоо ж-а ондоо | Толобаев М | 2017ж | Бишкек | 5 | На кыр |
| 24.Автомобиль жолдорун пайдалануу | Д.К.Аубакиров | 2019ж | бишкек | 30 | На кыр |
| 25.Автоунаа техникасы,тейлоо ж-а ондоо | М.Толобаев | 2019ж | Бишкек | 10 | На кыр |
| 26.Жол кыймылынын эрежелери | Д.Токтакунов | 2018ж | Бишкек | 10 | На кыр |

**7.4 Студенттердин өз алдынча окуу жана изилдөөчүлүк иштери үчүн зарыл болгон шарттар түзүлгөн, лабораториялар жана китепканалар керектүү режим менен иштейт.**

Окуу жайда окуучулардын өз алдынча окуу иштери үчүн тешелүү шарттар түзүлүп, окуу кабинеттери , лабораториялар, устаканалар жетиштүү жана алар кесипке керектүү жабдуулар менен жабдылган.

Лицейде китепкананын иштоо мөөнөтү 08:00 дон 16:00 го чейин, жумасына 6 күн иштейт.

Устаканалар жабдылган окуучу өз алдынча же топ менен иштөө мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Тиркеме 7.3 устакалардын сүрөттөрү

7.5 **Билим берүү уюму окуй турган аянттардын туруктуулугун жана жетиштүүлүгүн**

**камсыз кылат.**

Окуу жайдын окуу аянттарынын туруктуулугу жана жетиштүүлүгү ар бир окуучуга эсептегенде 12$м^2$ туура келет. Лицейде 3 корпус бар: жатакана, окуу корпусу- 2.Учурда ашкана, окуучулардын эмгектеннүүсү үчүн теплица бар. Баткен шаарынын спрот ордосу менен келишимдин негизинде пайдаланышат. Жатакана ысык суу жана жылытуу менен камсыз болгон.

2 окуу классы интерактивдүү доска менен камсыз менен жабдылган. Эки компьютердик класс бар. Компьютердик класстар локалдык тармакка жана интернетке кошулган.

Керектүү приборлор жана жабдуулар менен жабдылган аудиториялар, компьютердик класстар, санитардык-техникалык нормаларга ылайык келет жана сабактардын бардык түрлөрүн өтүүгө камсыз кылат.

**№57 Кесиптик лицейдин материалдык-техникалык базасы**

Окуу жайдын жалпы аянты -1га 10 сотых

Анынын ичинен:

1. Окуу корпус-1920 м.кв
2. Жатакана- 480м.кв
3. Жердин катталганы-08.09.2009-ж. №708
4. Компьютер-31
5. Интернетке туташтырылган компьютер-23
6. Интерактивдуу доска-2
7. Ксерокопия -2
8. Принтер-6
9. Проектор-4
10. Сканер-1
11. Фонддо-5659 китеп бар
12. 4378 китеп окуучуларга
13. Окуу жай 390 окуучуга ылайыкташкан
14. Окуу корпусу 1-этаж-960 м.кв
15. Окуу корпусу 2-этаж-960 м.кв
16. Жатакана 1-этаж-480 м.кв
17. Жатакана 2-этаж -480-м .кв
18. Окуу-устаканалардын аянты – 1162,5 $м^2$
19. Ашкананын аянты - 8,50 х 5,60=4,7; 8,50 х 5,60=47
20. Компьютер класс №1 43 м кв компьютердин саны 11
21. Компьютер класс №2 45.65 м кв компьютердин саны 12
22. Китепкана – 5,75 х 5,60=32 ; 5,60 х 2,60=14,56
23. Спорт аянтча-132м кв
24. Окуу класстардын жалпы саны – 14 класс бар.

Окуу жайдагы окуучуларга Кесиптик билим берүүгө окуу жайдын материалдык базасы талапка жооп берет.Окуучуларды кесипке үйротүүдө: 2- “ ГАЗ-53”, ВАЗ-2104 НИВА-2121 автоунаасы, 3- Тигүүчү цех, 1- Ширетүү устаканасы, 50-орундуу ашкана, 75-орундуу жатакана, Автодром, Спорттук аянтча пайдаланылат. Окуучуларды окуу китептери менен камсыздоо үчүн аянты 98 $м_2$ тузгон китепкана бар. Жалпы аянты 200 $м^2$ түзгөн Автодром бар. Андан сырткары 31 компьютер менен камсыз болгон атайын 2 компьютердик класстар бар.

Тигүү цехтеринде ПРООН уюму тарабынан каржыланган заманбап тигүү машиналары бар.

**7.5 Билим берүү уюмунун окута турган аянттары санитардык-тазалыктын ченемдерине, өрткө каршы коопсуздуктун эрежелери менен талаптарына,**

**ошондой эле Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын талаптарына жооп берет.**

Лицейдин окуу кабинеттери, окуу устаканалары, жатакана санитардык гигиеналык нормаларга, эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү мыйзам талаптарына, коопсуздук эрежелерине жооп берет. Баткен шаардык санитардык-эпидемологиялык көзөмөлдөө борборунун талаптарга туура келген 23.12. 2021-жыл алынган АКТы бар. №18 Өзгөчө кырдаалдар министирлигинин Баткен шаарынын өрткө каршы болумунун өрт коопсуздугу боюнча уруксат чечими 23.12.2021 алынган.

Бардык окуу кабинеттери, өнөрканаларында өрт коопсуздугу боюнча эвакуациялык пландары, щиттер уюштурулган. Компьютер класс санитардык нормага ылайык желдеткич менен жабдылган. Окуу корпустарынын абалы жакшы, күнүнө эки жолу техничкалар тарабынан нымдуу тазалоо иштери жүргүзүлүп турат. Жылына бир жолу ремонттолуп, сырдалып турат.

Эпидемиологиялык эрежелерди аткаруу боюнча ар бир окуу классында антисептиктер жана окуу корпусунун коридорунда жуунучу раковина, бут сүртүүчү антибактериалдык килемчелер коюлган.

Ар бир өндүрүштүк окутуунун алдында техникалык коопсуздук боюнча инструктаж өткөрүлүп турат.

Тиркеме http://allkesip.kg/pl57/

**7.6 Жатаканалар окуу жашоо жана эс алуу үчүн шарттар менен камсыздалган**.

Окуу жайдын окуучулары үчүн бардык шарттары менен 75 орундуу жатаканасы бар. Окуучулардын коопсуздугу үчүн жатакнада видео көзөмөл орнотулган.
Жатаканада окуучулар үчүн атайын жуунучу бөлмөлөр, эс алуу бөлмөлөрү бар. Мындан сырткары шахмат, шашки ж.б керектүү спорттук шаймандар менен жабдылган. Жатаканада жашаган окуучулар менен 1 тарбиячы-Г.Тагаева 1 жатакана башчысы-К.Арапов, 2 камендант, 3 кароолдор эмгектенет.
Окуу жайдын жатаканасында бардык шарттар бар. Окуу жайга кабыл алынгандарга окуу жылынын башталышына 25-августтан тартып, жатаканалар атайын бекитилген буйрук негизине бөлүштүрүлө баштайт.

Жатакананын жашоочуларынын милдеттери жана укуктары, алар үчүн түзүлгөн шарттар абдан жакшы. Ар бир комната санитардык-гигиеналык талаптарга жооп берүү менен окуу, эс алуу үчүн бардык шарттары бар атайын бөлмөлөр түзүлгөн: окуу бөлмөсү, душ кабинасы бар. Жатакана жыл сайын акталып, сырдалып ондоп түзөөдөн өткөрүлүп турат, ал жерде 1 телевизор, диван, шкаф, стул жана башка эмеректер менен жабдылган. Жатакана автономдук электр жылыткычы менен жылытылат. Жатаканада жашаган окуучулардын жашоо шарттарына директордун окуу тарбия иштери боюнча орун басары тарбиячы, жатакана башчысы жооп берет. Сабактан кийинки убактарда окуучулар спорттук кружокторго катышат. Окуу жайда волейбол, баскетбол ойноочу жана турниктер менен жабдылган спорт аянтчасы бар. Жатаканада жашоо акысыз.
Жатаканада күн тартиби боюнча график , өрт коопсуздугу боюнча эвакуация планы илинген. Ошондой эле медициналык аптечка бар.
Тиркеме 7.4 жатакана тарбиячысынын жылдык иш планы.

Тиркеме 7.5 тарбиячынын иш чаралары, сүрөттөр

7.8 **Тамактануу үчүн тийиштүү шарттар түзүлгөн (ашкана же буфет), ал эми медициналык жактан тейлөө үчүн билим берүү уюмунда медпункттар ачылган.**

Окуу жайда окуучулар үчүн атайын бардык шарттары бар ашкана иштейт. Окуучулар 1 маал ысык тамак менен камсыз болушат.Ашкана 50 орунга ылайыкташтырылган. Ашканада медициналык аптечка , жылуулукту өлчөөчү градусник коюлган. Атайын кол жуучу умивальниктер орнотулган. 50 орундуу ашкана, ашкана тамак бышыруу үчүн жабдыктар менен (төрт көздүү плита, ценсердик плита, чай кайнатуу үчүн чоң электридик чайнек менен жабдылган .Ысык тамактарды бышыруучу жабдуулар жаңы. Ашканада Муминова Анархан, Шерова Мукадас, Имарова Шазода 3 ашпозчу иштейт. Алар окуу жылынын башынан медициналдык кароодон отушушот. Окуу жайдын ашканасында окуучулар үчүн ысык тамак уюшулган. Ар бир балага республикалык бюджеттин эсебинен 30 сом өлчөмүндө 1, 2-түшкү тамак, нан чайы менен берилет. Башкы ашпозчу А.Муминова тамактын калькулясын түзөт. Тамактарга менюну башкы ашпозчу түзүп окуу жайдын жетекчисине бекитет. Тамакка окуучулар окуу жайдын администрациясы тарабынан түзүлгөн регламенттин негизинде киришет. Күнүмдүк тамакка кирүүчү окуучуларга мөөнөткө туруучу устаттар билдирүү барагын (заявка) башкы ашпозчуга беришет.Түшкү окуучуларга бышырылган тамактын даамын мөөнөттөгү устаттар татып көрүшүп, окуучуларга берилет. Санитардык жана гигиеналык талаптар сакталып турат.Медпуңкт бар, анда аптечка жана башка керектүү шаймандар менен жабдылган Ар бир кеңседе өзүнүн биринчи медициналык аптечкасы бар.

*Күчтүү жактар:*

*Лицейдин материалдык- техникалык базасынын жакшы сапатта турушу.*

*Лицейдин жашоосуна ата-энелердин активдүү катышуусу. Жылдан-жылга материалдык-техникалык база жакшыруусу.*

*Алсыз жактар:*

*Окуу класстарынын жабдыктарынын эскилиги*

*Капиталдык оңдоону, эмеректерди алмаштырууну талап кылат. Окуу жайдын ашканасы капиталдык ремонтун талап кылат.*

**8-стандарт. Билим берүү программасын натыйжалуу ишке ашырууну камсыз кыла турган маалыматтык система**

Билим берүү уюму маанилүү маалыматтарды чогултат, талдайт, таратат жана аны окутуу программасын, ошондой эле ишмердиктин башка түрлөрүн натыйжалуу башкарууга пайдаланат.

**8-стандартка карата критерийлер:**

**8.1 Билим берүү программасын натыйжалуу башкарууга зарыл болгон маалыматтарды чогултуу, талдоо жана таратуу механизмдеринин болушу.**

Лицейдеги маалыматты башкаруу жана аны коомчулукка жеткирүү, сактоо, талдоо жүргүзүү, жалпылоо, системага салуу процесси педагогикалык кызыктар тарптардын түздөн-түз катышуусу менен жүргүзүлөт.

Маалыматтарды чогултуу ИСУО платформасында системалуу жүргүзүлөт. Билим берүү программасын натыйжалуу башкарууну талдоого ата-энелерди чогулуштарда тартуу ишке коюлган. Ал эми иш берүүчүлөр окуу программаларын кайра карап чыгууга катышат.

Программаларды жакшыртуу ишине долбоорлорду тартуу да жакшы ишке коюлган. ПРООН, АБР, келечекте МЕРСИКО долбоору ишке ашканы турат.

Тиркеме 8.1 https://open.edu.gov.kg/index.php

**8.2 Билим берүү уюмунун локалдык түйүнүндө окуу-усулдук материалдардын, электрондук окуу китептердин жана окуу куралдардын**

**жеткиликтүүлүгү жана толуктугу.**

Билим берүү уюмунун локалдык түйүнүндө окуу-усулдук материалдары, электрондук окуу китептери жок. Бирок, китепканада 2 компьютерге кесиптер боюнча жана жалпы орто билим боюнча электрондук китепкана уюшулган.
Тиркеме 8.2 электрондук китепкананын сүрөттөрү.

**8.3 Билим берүү уюмунун электрондук документ жүргүзүүсүнүн болушу.**

Кесиптик лицей электрондук маалыматтык системасына ээ. Ал КР Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Кесиптик башталгыч билим берүү бөлүмүнүн маалыматтык системасына (ИСУ)кирет. Ошондой эле жакынкы аралыкта КР Билим берүү жана илим министрлигинин маалыматтык системасына кошулду. Бул маалыматтарга жалпы контингент тууралуу маалымат, окуучулардын билим жана жетишүү сапаты , окууга кирүү, чыгуу, которулуу, бүтүү кыймылдары, социалдык жардамга муктаж окуучулар тууралуу маалымат, финансылык кириш-чыгыш эсептери, материалдык-техникалык база, окутуучу жана көмөкчү курам жана башкалар кирет. Андан тышкары да окуу жайда иш берүүчүлөр менен сурамжылоо анкета түрүндө жүргүзүлүп турат. Бул чогултулуп, талданган маалыматтар ата-энелер чогулушунда каралып, ар бир кварталдын жыйынтыгы менен жылына төрт жолу ИСУ аркылуу жогорку турган орган КР Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Кесиптик башталгыч билим берүү бөлүмүнө отчетко берилет, ошол эле учурда электрондук база сакталып турат жана ага кошумча кагаз түрүндө да окуу жайда сакталат.
Тиркеме 8.3 **https://open.edu.gov.kg/index.php**
*Күчтүү жактар:*
*ИСУОго маалыматтар жүктөлөт*
*Алсыз жактар:*
*Электрондук күндөлүк жана АВН сыяктуу ички локалдык система жок.*

**9-стандарт. Коомчулукка маалымат берүү**

Билим берүү уюму ишке ашырылып жаткан программалар жана ыйгарылуучу квалификациялар боюнча заманбап, калыс жана объективдүү, сандык жана сапаттык маалыматтарды дайыма жарыя кылып турат.

**9.1 Билим берүү программасы жөнүндөгү толук жана ишенимдүү маалыматтарды жарыялайт.**

Окуу жай ишке ашырып жаткан билим берүү программалары жана берилүүчү квалификациялар боюнча туура жана сапаттуу маалыматтарды дайыма учурунда сайтка жарыялап турат. Окуу жайда ишке ашырылып жаткан программа жана анын натыйжалары, берилүүчү квалификациялар ,окутуунуну денгээли, баалоонун жол жоболору жалпысынан лицейдин ишмердүүлүгү боюнча ачык-айкын, жеткиликтүү түрдө коомчулуктун төмөндөгү топторуна маалымат берет:

1. Окуу жайдын окуучуларына
2. Ата-энелерге
3. Камкордук кенешине
4. Өнөктөштөргө

Тиркеме 9.1 http://allkesip.kg/pl57/

**9.2 Ишке орноштуруу жана бүтүрүүчүлөргө болгон муктаждыктар тууралуу объективдүү маалыматтарды жарыялайт.**

Бүтүрүүчүлөрдү көзөмөлдөө жөнөндөгү маалымат БКБББнин сурамжылоо серверинде 5 жылдан кем эмес убакыт сакталат. Башкача айтканда, окуу жай 2017-жылдан бери АБР долбоорунун негизинде бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусун анализдеп келебиз.
Алар жөнундөгү маалыматтарды билим берүу жана илим министрлигине берип турабыз.

### 9.3 Билим берүү программасынын сапаты жана жетишкендиктери тууралуу маалыматтарды жарыялайт.

Окуу жайда окуучулардын билим сапатын жана жетишкендиктери тууралуу маалымат теориялык жана өндүрүштүк журналдар аркылуу жүргүзүлөт.
Окуу программасы боюнча окуучунун жалпы билими 1,2- жарым жылдык баалары аркылуу бааланат. Жылдык баанын жана экзамендик бааны эске алуу менен жыйынтык баа чыгат. Окуучулардын жалпы жыйынтык баалары тайпанын сводный ведомостунда көрсөтүлөт.
Билим сапаты боюнча маалыматтар лицейде уюшулган атайын бурчта илинет жана башкармалыкка берилет.
Тиркеме 9.1 билим сапаты боюнча 5 жылдык мониторинг

### 9.4 Билим берүү уюму өзүнүн билим берүүчүлүк максаттарын пландаштыруу жана ишке ашыруу үчүн төмөндөгү маалыматтарды чогултууну, системалаштырууну, жалпылаштырууну жана сактоону жүргүзөт.

- окуп жаткандардын контингенти тууралуу маалымат;
- окуп жаткандардын жана айрым тандалып алынгандардын катышуусу, жетишүүсү жана жетишкендиктери тууралуу маалымат;
- билим берүү программасынын жыйынтыктарына жана ишке ашышына карата окуп жаткандардын, алардын ата-энелеринин канааттануулары;
-олимпиадаларга, долбоорлук сынактарга, спорттук мелдештерге ж.б. катышуулардын жыйынтыктары;
-билим берүү уюмунун ишмердигинде натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрү;
- Билим берүү уюму тарабынан өзүнүн ишмердиги тууралуу төмөнкүлөрдү камтыган маалыматтарды дайыма болуп туруучу маалыматтардын негизинде коомчулукка тааныштырып туруу;
- миссиясын;
- билим берүүчүлүк максаттарын;
- окутуунун күтүлгөн жыйынтыктары;
- окутуунун жана сабак өтүүнүнформалары жана каражаттары;
- баа коюу процедуралары;
- окуп жаткандардын билим алуудагы жетишкендиктер бөлүгүндөгү жалпы республикалык тестирлөөнүн жана ар кандай изилдөөлөрдүн жыйынтыктары.

Окуу жайдын окуу контингенти жөнүндө маалыматты окуу иштер боюнча диретордун орун басары топтоп, аларды талдап педагогикалык кенеште кызыктар тараптарга маалымат берет.
- окуп жаткандардын жана айрым тандалып алынгандардын катышуусу, жетишүүсү жана жетишкендиктери тууралуу маалымат;

Окуу жайда окуучулардын билим сапатын жана жетишкендиктери тууралуу маалымат теориялык жана өндүрүштүк журналдар аркылуу жүргүзүлөт.

Окуу программасы боюнча окуучунун жалпы билими 1,2- жарым жылдык баалары аркылуу бааланат. Жылдык баанын жана экзамендик бааны эске алуу менен жыйынтык баа чыгат.Окуучулардын жалпы жыйынтык баалары тайпанын сводный ведомостунда көрсөтүлөт.

- билим берүү программасынын жыйынтыктарына жана ишке ашышына карата окуп жаткандардын, алардын ата-энелеринин канааттануулары;

Иш берүүчүлөр жана ата-энелер менен окуучулардын билим берүү программасына, окутуунун сапатына, материалдык техникалык базасынын жабдылышына жана алган билимине канааттануусу боюнча анкета алуу менен иш жүргүзүлөт.

- билим берүү уюмунун ишмердигине натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрү
- Билим берүү уюму тарабынан өзүнүн ишмердиги тууралуу төмөнкүлөрдү камтыган маалыматтарды дайыма болуп турууччу маалыматтардын негизинде коомчулукка тааныштырып туруу;
- миссиясын;
- билим берүүчүлүк максаттарын;
- окутуунун күтүлгөн жыйынтыктары;
- окутуунун жана сабак өтүүнүн формалары жана каражаттары;
- баа коюу процедуралары;
- окуп жаткандардын билим алуудагы жетишкендиктер бөлүгүндөгү жалпы республикалык тестирлөөнүн жана ар кандай изилдөөлөрдүн жыйынтыктары.

Окуу жайдын миссиясы лицейдин сайтында илинүү. Окутуунун формалары ата-энелерге жана окуучуларга жылдын башындагы чогулуштарда кабарланат. Баа коюу процедурасы Баалоо боюнча иштелип чыккан Жобонун негизинде жүргүзүлөт. Жогорудагы маалыматтар журналдарда 75 жыл архивдик документ болуп сакталат.

### 9.4 Билим берүү уюмунун сайты, корпоративдик мезгилдүү басылмасы бар болот.

Бүгүнкү күндө окуу жайдын өзүнүн сайты бар. Окуу жайдагы баардык маалыматтар сайтка жайгаштырылып турат. Ошондой эле активдүү колдонулган социалдык түйүндөр бар (Instagram,facebook).

Тиркеме http://allkesip.kg/pl57/

*Күчтүү жактар:*

*ИСУОго маалыматтар жүктөлөт;*

*Окуу жайдын сайты активдүү иштейт.*

## Өзүн-өзү баалоо боюнча комиссиянын курамы:

1.Директор – Сайдиакматов А.—комиссиянын төрагасы___________________

2. ОӨУИБ дир.орун басары – Турсуматова Г.-— комиссия мүчөсү______________

3.ОТИБ дир.орун басары – Абдирашитова Б.— комиссия мүчөсү________________

4.Ага устат-Ашуралиев А.-— комиссия мүчөсү_________________________________

5.Усулчу - Садыкова М.— комиссия мүчөсү__________________________________

6.Камкордук кеңештин мүчөсү – Калилов М.– комиссия мүчөсү_________________

7.Чарба башчы – Турдубаев Ж.комиссия мүчөсү_________________________________

8.Абдуллаев Т.– иш берүүчү жеке ишкер “Элдар” мебель цехинни жеткчиси- комиссия мүчөсү___________________________

9.Усенова А.өндүрүштүк окуунун устаты - комиссия мүчөсү_______________________